# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ | МАРТ'24 / №93-ЧЫГАРЫЛЫШ | WWW.MANAS.EDU.KG




2-бет

*Проф. док. Алпаслан Жейлан:*

## "ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН ҮНҮ – "МАНАС" ГЕЗИТИ КУТ БОЛСУН!"

*Проф., док. Алпаслан Жейлан: "Түрк дүйнөсү өзүнүн түрдүү кен байлыктары, энергетикалык ресурсу, мыкты жумушчу күчү, тарыхый баалуулуктары, геосаясий жана геостратегиялык абалы менен өзгөчөлөнүп турары айныгыс чындык".*



14-15-бет

*Доктор, ага окутуучу Мухаммет Кочак:*

### "Түрк биримдигин курууну пайдубалдан башташыбыз абзел"

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде өткөрүлгөн III эл аралык "Манас" форумунда Түрк мамлекеттер уюмунун келечеги тууралуу билдирүү жасаган Анкара коомдук илимдер...*





13-бет

### Бир мелдеште алтындан калдым, бирок, жашоомо жарык болчу алтын таптым

*Айжан Анарбекова - алыш бел боо күрөшү боюнча Азиянын чемпиону, спорттун алты түрү боюнча чебер. Ал атайын адистик билимге ээ кесипкөй спортчу. 2023-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" ...*



19-бет

### "Башында абдан кызыгып, 16-17 саат тынымсыз кардарларды ташып жүрдүм"

*Унаа башкарып, жүргүнчү ташыган таксист апанын видеосу TikTok желесинде миллиондон ашуун көрүүчү топтогон. Ал - 65 жаштагы айдоочу Мөөркан Жажанова. Айдоочу айым 1978-жылы...*



20-21-бет

### "Студенттерибиздин төрттөн бир бөлүгү жатаканаларда жашайт"

*Кыргызстан – Түркия Манас Университетинин (КТМУ) студенттерибиздин төрттөн бир бөлүгү коопсуз жана таза жашоо шарты бар жатаканаларда жашайт.*

## *Проф. док. Алпаслан Жейлан:*

# “ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН ҮНҮ – “МАНАС” ГЕЗИТИ КУТ БОЛСУН!”



Түрк дүйнөсү өзүнүн түрдүү кен байлыктары, энергетикалык ресурсу, мыкты жумушчу күчү, тарыхый баалуулуктары, геосаясий жана геостратегиялык абалы менен өзгөчөлөнүп турары айныгыс чындык. Өзөгүбүзгө токтоло турган болсок, Манас, Ахмет Йесеви, Көроглу, Насреддин Хожа, Коркут Ата, Огуз Хан, Алишер Навои, Юсуф Хас Хажип, Махмуд Кашгари, Билге Каган өңдүү чыгаандарынын эзелки тарыхы жана маданий мурасы, Улуу Түркстан аймагындагы түрк элдеринин аркасында чоң күчкө эгедербиз. Тилекке каршы, биз бир тектүү, бир мекен, орток тарыхтын адамдары катары бири-бирибизден бөлүнүп калдык. Бирок, жашап жаткан заманыбыз биздин бирдей экенибизди, баарыбыздын тамыр-тарыхыбыз бир экенин айгинеледи. Кечээ өзүнчө болгон Түрк мамлекеттери бүгүн уюм түзүштү. Маданий мурастарыбыздан таасирленип, бизди “бир, ири жана тирүү кыла турчу” келечекке позитивдүү кароо өтө маанилүү. Ага улай алдыдагы 100 жылды “Түрк дооруна” айлантуу үчүн колубуздагы бар мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдаланууну ар бирибиз унутпашыбыз керек, бул парз.

Тарыхтын жаңы баскычына кадам таштаган биз, түрктөр жалпы маданий, социо-экономикалык кызыкчылыктарыбызды иштеп чыгып, алдыга карай өнүктүрүү менен бирге жүрөктөрдү байланыштырган көпүрөлөрүн куруп, кечээгибизди унутпай, бүгүнкүнү көз жаздымда калтырбай, жаркын келечекке карай сапарыбыздагы тоскоолдуктарды жаш муундун рухунда жаткан “тилде, пикирде жана иштеги биримдигибиз” аркылуу жеңип, максаттарыбызга жетебиз. Болбосо түрк дүйнөсүнүн жетишкендиктери жана бири-бири менен болгон карым-катнашы толугу менен токтоп калбаса да, солгундап кетүү коркунучу бар экенин унутпашыбыз абзел.

Түрк дүйнөсүнүн күчтүү биримдиги жана келечеги үчүн айрыкча тарыхый мурастарыбызга таяна турчу билим берүү жана маданият баш болгон тармактардагы кызматташтыктар мааниге ээ. Мына ушул контексттин алкагында 1992-жылдан бери институтташтыруу боюнча жасалып келген жогорку деңгээлдеги аракеттер бүгүн маанилүү чекке жетип отурат. Ага мисал катары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин курулушун айтсак болот.

“Манас” – Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайип Эрдоган белгилегендей, Кыргызстан баш болгон Борбордук Азиядагы боордош мамлекеттердин өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү жана бабаларыбыздын ийгиликтеринен дем-күч алып, цивилизациянын өсүшүнө салым кошуу максатында 1995-жылы эки өлкө ортосунда курулган алдыңкы университет.

Окуу жайыбыз тектеш өлкөлөрдөн келген студенттерди өзүнө, үй-бүлөсүнө, улутуна, мекенине жана жалпы адамзатка пайдасын тийгизе турчу, бири-бирине чын жүрөктөн берилген инсан катары тарбиялоого аракет кылып келет. Ушундай максаттын негизинде академиялык бөлүмдөрүндө билим берүү жана изилдөө милдетин аткарып жаткан “Манас” “университеттен да артык” деген ураан менен Түрк дүйнөсү муктаж болгон кесипкөй жумушчу күчүн даярдоо, илим жана технологияны өнүктүрүү, коом күткөн кызматтарды көрсөтүү жаатында маанилүү роль ойнойт.

“Манас” студенттерге багытталган өзгөчө мамилеси, тажрыйбалуу профессордук-окутуучулук курамы, бакалавриат, магистратура, докторантура жана доцент даражасындагы студенттери, үлгүлүү кампусу менен Борбор Азиядагы абройлуу жана алдыңкы билим борбору болуп калды. Дүйнөлүк стандарттарга ылайык билим берип, чет өлкөдөгү университеттер менен бирге иш алып барган географиялык алкагыбызда Түрк илим дүйнөсүнө кубаныч тартуулаган иштерибиз менен сыймыктанабыз.

Борбор Азиянын жүрөгү болгон Кыргызстанда “көңүл көпүрөсү” катары курулган билим борбору ошол көпүрөнү жаштарга берген сапаттуу билим, тарых-маданий тамырыбызды таанып-билүүгө жол ачып, тил жана адабият аркылуу таанышып-түшүнүшүү, туризмдин арты менен кызматташуу, жакын мамилени чыңдоо, экономикалык жана технологиялык иштерге салым кошуу аркылуу бекемдөөгө аракет жасап жаткан чагы. Бул процессти ишке ашырууда “Манас” заманбап байланыш технологияларын натыйжалуу пайдаланууга ыктап келет. “Манас” гезити мунун эң маанилүү мисалы десек болот.

Жалпыга маалымдоо каражаты болгон гезит максатына шайкеш колдонулган чакта элдин, биримдиктин, күчтүн үнүнө айланат. Бүгүнкү күндө технология берген мүмкүнчүлүктөр менен ошол артыкчылыгын жаңылап, алдыга карай ишин улантып келет. “Манас” гезити да окуу жайыбыздын, Түрк дүйнөсүнүн күчтүү үнүнө айланат. Студенттердин гезити катары ишин баштаган бул басылма өзүнүн жаңыланган концепти менен күчтүү маалымат булагы катары университетибиздин көздөгөн миссиясына кызмат кыларына ишеничим чоң.

“Манас” гезитинин жарык көрүүсүнө салым кошкону үчүн коммуникация факультетинин деканы, профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк баштаган эмгек жамаатына терең ыраазычылык билдирем. Окурманы көп болсун!

***Алпаслан Жейлан, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор, доктор.***



# *Акылбек Жапаров:* “Түркия Кыргызстанга эң көп инвестиция салган 5 өлкөнүн катарына кирди”

“Кабар” агенттиги
Которгон: Эрлан Бектен уулу




***Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров Анкара шаарына болгон расмий сапарынын алкагында кыргыз-түрк бизнес форумуна катышты. Бул тууралуу министрлер кабинетинин басма сөз кызматынан билдиришти.***



Министрлер кабинетинин төрагасы ишкерлер эки эки өлкөнүн соода-экономикалык мамилелеринин негизги локомотивдери катары кызмат кылып жатканын айтып, президент Садыр Жапаровдун тушунда кыргыз-түрк алакалары бардык тармактар боюнча жаңы баскычка чыкканын белгиледи.

“2023-жылдын январь-ноябрь айларында Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы товар жүгүртүү 560,5 млн долларды түздү. Муну менен бирге, Түркия 2022-жылы Кыргызстандын экономикасына эң ири инвестор болду жана Түркиядан кирген инвестициянын жалпы суммасы 341,6 млн долларды түздү. Ал эми 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча Түркия Кыргызстанга эң көп инвестиция салган 5 өлкөнүн катарына кирди”, - деди өкмөт башчы Жапаров.

Бизнес форумдун ишине катышкан Түркиянын вице-президенти Жевдет Йылмаз, Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык кызматташуусу чоң потенциалга ээ экенин жана Түркия эки өлкө ортосундагы товар айлантууну жаңы деңгээлге чыгаруу ниетинде экенин билдирди.

Жалпы 500гө жакын ишкерлер катышкан бизнес форумдун соңунда кызматташуу жана инвестициялык долбоорлорду биргелешип ишке ашыруу жөнүндө 8 Меморандумга кол коюлду.

# Спорт министрлери VI Этноспорт форумуна карата өз пикирлерин билдирди



***«Салттуу спорттун кайра жаралуусу» аталышындагы ураан менен өткөн Анталиядагы VI Этноспорт форумуна Кыргызстан, Гана жана Намибиянын спорт министрлери катышты. Бул форумда министрлер өз өлкөлөрүндөгү салттуу спортко карата өз бааларын беришти.***

Манас телеканалы
Которгон: Айгерим Токтобекова

**Анталья**

Этноспорт конфедерациясы тарабынан Анталиянын Серик районуна караштуу “Belek” туризм борборундагы “Calista Luxury Resort” мейманканасында VI Этноспорт форуму өткөрүлдү. Форумду конфедерация төрагасы Билал Эрдоган ачты.

Түркиянын президенти Режеп Тайип Эрдоган форумдун катышуучуларына видео кайрылуусун жолдоп, 50дөн ашуун өлкөнүн атынан катышкан катышуучуларга туруктуулукту бекемдеп, салттуу спортту жайылтуу аракеттери үчүн ыраазычылык билдирди. Ал адамзаттын жалпы келечегине коркунуч туудурган глобалдык кризис жана чыр-чатактар алдында тынчтыктын жана тилектештиктин бирдиктүү платформасына айланган форумга катышуучу өлкөлөрдүн бирдиктүү ишинин маанилүүлүгүн баса белгиледи.

Форумдун жыйынтыгында министр Алтынбек Максутов катышуучу өлкөлөрдүн министрлери менен биргеликте биргелешкен билдирүүгө кол койду.

Билдирүүдө салттуу спорт жана оюндар коомго боорукердик, урматтоо жана толеранттуулук сыяктуу баалуулуктарды үйрөтүүдө маанилүү роль ойнойт деп айтылат. Ал адамдар менен элдердин ортосундагы тилектештикти жана кызматташтыкты өркүндөтүүгө, ошондой эле жаңы өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоого жардам берет.

Ошондой эле документте өткөн кылымдагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында дүйнөнүн айрым бөлүктөрүндө салттуу спорт жана оюндарга көңүл бурулбай калганы белгиленип, бул баалуулуктарды спортто жана оюндарда сактап калуу жана аларды күнүмдүк жашоонун бир бөлүгүнө айландырып, аны жакшы жакка колдонуу өтө маанилүү экендиги белгиленген.

Салттуу спорттун түрлөрүн жана оюндарын жандандыруу аракети салттуу спорттун жана оюндардын маалымдуулугун жана популярдуулугун жогорулатуу, аларды колдой турган мамлекеттик органдарды жана тиешелүү уюмдарды кубаттоо, билим жана тажрыйба алмашуу аркылуу институттук деңгээлди жакшыртуу үчүн эл аралык кызматташтыкты чыңдоо аркылуу ишке аша тургандыгы баса белгиленген.

Биргелешкен билдирүүнү Азербайжан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркия, Гана, Гвинея, Намибия, Россия, Сьерра-Леоненин спорт министрлери кабыл алышты.

**Кыргызстан менен Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын ортосунда түшүнүшүү меморандумуна кол коюлду**

Кыргызстан Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы менен кызматташат. Маданият министри Алтынбек Максутов Этноспорт боюнча өткөрүлгөн форумдун алкагында Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Билал Эрдоган менен сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Атап айтканда, Алтынбек Максутов Билал Эрдоганга Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө көмөктөшкөндүгү жана жалпы эле Кыргызстандын салттуу спорт түрлөрүн колдогондугу үчүн ыраазычылык билдирди.

Өз кезегинде Билал Эрдоган “Кырчын этно шаарчасында” этноспорт программасы менен масштабдуу фестивалды өткөрүү буга чейинки Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары ага чоң таасир калтырганын белгилеп, мындай масштабдуу фестивалды “Кырчын” жайлоосунда үзгүлтүксүз өткөрүү Кыргызстандын визиттик карточкасы болуп кала берерин баса белгиледи. Жолугушуунун жыйынтыгында тараптар КР Маданият министрлиги менен Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюшту.

**“Африка мамлекети катары Түркиядан үйрөнгөнүбүздү практика жүзүндө ишке ашырууга аракет кылабыз”**

Гананын Жаштар жана спорт министри Мустапха Уссиф да келерки айда боло турган Африка оюндарын өткөрө тургандарын эске салды.

Салттуу спорт фестивалы баалуулуктарды жана маданияттарды чагылдырууда абдан маанилүү ролду ойноорун айткан Уссиф: “Бул форумга катышуу үчүн Түркиядан чакыруу келгенде, биз дароо кабыл алдык. Анткени этноспорттук спорт оюндары кандай уюштурула тургандыгын үйрөнгүбүз келет. Африкада бир этноспорт федерациясын түзүүнүн үстүндө иштөөнү каалайбыз. Түркиянын жардамы менен ушундай бир этноспорт федерациясын түзөбүз жана мындай федерация Африкада жана өзгөчө Ганадагы улуттук биримдигибизге, ынтымакка жана тынчтыкка кызмат кылат деп ойлойм. Түркия чынында салттуу спортту өнүктүрүүдө алдыга чыкты. Биз дагы Африка мамлекети катары Түркиядан үйрөнгөнүбүздү практика жүзүндө ишке ашырууга аракет кылабыз жана муну Африкада өткөрүүнү каалайбыз”,- деди.



# Кыргызстандык дарыгерлер бөйрөк алмаштырууга даярдык көрүүдө



***Кыргызстандык дарыгерлер түркиялык кесиптештеринин жардамы менен акысыз бөйрөк алмаштыруу операциясын жасоого кам көрүүдө. Бул тууралуу өлкөнүн Саламаттыкты сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиев “Анадолу” агенттигине курган маегинде билдирди.***

Анын айтымында, министрликке караштуу Республикалык оорукананын 8 дарыгери орган алмаштыруу боюнча Малатья шаарындагы Инөнү университетинин Медицина борборунда окутуудан өтөт. Андан сырткары, жакында Түркиядан келе турган эксперттик комиссиянын бөйрөк жана боорду трансплантациялоо боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүүсү күтүлүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда бөйрөк илдетинен жабыркаган 2685 жаранга мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлүп, ага жылына бюджеттен 2,4 миллиард сом өлчөмүндө каражат жумшаларын кошумчалаган Бейшеналиев, өлкөдө бөйрөк алмаштыруу операциясы 7500 долларга бааланса, чет өлкөдө 50 миң доллардан жогору экенин белгилей кетти.

Министрдин сөзүнө ылайык, учурда 100 бейтаптан анализ алынып, алардын онунун  жыйынтыгы Орусия менен Түркияга текшерүү үчүн жөнөтүлдү. Малатьядагы дарыгерлердин келиши менен өлкө башчысы Садыр Жапаровдун буйругуна ылайык, өлкөдө бөйрөк алмаштыруу операциялары акысыз жасала баштайт.

**Акыркы жылдардагы Түркия менен ийгиликтүү кызматташуу**

Баарлашуунун жүрүшүндө соңку үч жылда расмий Анкара менен бирге саламаттыкты сактоо өңдүү бир катар тармактарда мыкты иштер жасалып жатканын айткан Бейшеналиев төмөнкүлөргө токтолду: “Кызматташтыктын эң биринчи мисалы катары Бишкекте Кыргыз-Түрк “Достук” ооруканасынын ачылганын айтсак болот. Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (ТИКА) колдоосу менен ишин баштаган бейтапканада өткөн жылдын августунда өлкөдөгү алгачкы бөйрөк алмаштыруу боюнча операция жасалды. 2024-жылдын 13-январында Садыр Жапаров орган трансплантациялоого байланыштуу “Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгына кам көрүү жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизип, учурда толук шарты бар “Достук” ооруканасына бөйрөк операцияларын улантуу үчүн тиешелүү уруксаттар берилди. Команда бар, окутуу жүрүп жатат. Мен өзүм дагы Түркиядагы боор алмаштыруу процессине күбө болуп келдим. Трансплантация лабораториябыз жана адистер кызмат кылууга даяр. Бир ай ичинде операциялар жасалып баштайт”.

**Министр Бишкекте алгачкы бөйрөк алмаштыруу операциясына катышты**

1-февралда Эне жана баланы коргоо боюнча улуттук борбордо бөйрөк алмаштыруу боюнча өлкөдө биринчи жолу акысыз операция жасалып, ага Алымкадыр Бейшеналиев да катышты. Анда атасы 21 жаштагы кызына бөйрөгүн берип, учурда эки бейтаптын тең абалы жакшы.

**Оор абалдагы төрт бейтап Түркияда дарылануууда**

Бейшеналиев өз сөзүн жыйынтыктап жатып, 2-февралда Бишкек ЖЭБинде орун алган аварияда оор жаракат алган 2, 17-январдагы тик учак кырсыгында жабыркаган 2 адам 4-февралда Адана шаарындагы мамлекеттик илимий-изилдөө ооруканасына жөнөтүлгөнүн айтып өттү.

“ЖЭБдеги кырсыктан кийин Түркиянын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен жарадарларга жардам берүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк. Кожаели шаарындагы Нежати Челик атындагы мамлекеттик ооруканын дарыгерлери Этхем Өзтүрк менен Энгин Четин Бишкекке келди. Бейтаптардын абалы менен таанышкан соң, заманбап ооруканада дарыланууну улантуу керектигин айтышты. Ошол эле күнү аларды Президентке караштуу ТУ-154 учагы менен Түркияга жөнөттүк” – деди министр.

Манас телеканалы
Которгон: Эрлан Бектен уулу

# Түркия 2023-жылды рекорддук туризм көрсөткүчтөрү менен жапты



***ДүйнөнүналдыңкытуризмбагыттарынынбириболгонТүркияйгиликтүү өсүүсүн улантты жана 2023-жылы 56,7 миллион эл аралык зыяратчыны тосуп алып, жылдык көрсөткүчтү 10 пайызга жогорулатты.***

Түркиянын Маданият жана туризм министрлиги жарыялагандай, өлкөнүн туризмден түшкөн кирешеси өткөн жылга салыштырмалуу 17 пайызга өсүп, 54,3 миллиард долларга, зыяратчылардын бир түнгө орточо чыгымы 99 долларга жетти. Эл аралык зыяратчылардын саны жана туризмден түшкөн киреше өлкөнүн рекорддук көрсөткүчү катары жарыяланды. Өткөн жылы Кыргызстандан Түркияга баргандардын саны да 2022-жылга салыштырмалуу 14% өсүп, 169.906 кишини түздү.

**Туризмге болгон суроо-талаптын рекорддук көрсөткүчү**

Деңиз, кум жана күн майрамдарынан тышкары маданият, искусство, гастрономия, велосипед тебүү жана диний туризм боюнча Европанын эң көп тандаган багыттарынын бири болгон Түркия үчүн 2023-жыл рекорддук жыл болду. Эми 2024-жылга 60 миллион туристти тартууну жана 60 миллиард доллар туризм кирешесин алууну максат кылууда.

Туризм стратегияларында рыноктун көп түрдүүлүгүнө артыкчылык берген Түркия 2024-жылы жаңы максаттуу базарларга басым жасап, учурдагы стратегиялык базарлардагы ишмердүүлүгүн улантат.

**Туруктуу өнүгүү протоколуна кол койгон биринчи өлкө**

Түркиянын туризмдеги ийгилигинин артында зыяратчылар үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө умтулган стратегиялык жана келечекти ойлогон саясат жатат. Өлкө туризм секторун жоопкерчиликтүү жана туруктуу саясаттары менен дагы ийкемдүү жана инклюзивдүү түзүмгө айландырды.

Түркия 2022-жылы өкмөт деңгээлинде «Глобалдык Туруктуу Туризм Кеңеши» (GSTC) менен макулдашууга жетишкен жана аны сектордук талап катары ишке ашырган дүйнөдө биринчи өлкө болду. GSTC менен кол коюлган кызматташтык келишиминин натыйжасында түзүлгөн Түркиянын Туруктуу Туризм программасы туруктуу туризмдин иш жүзүндө практиктерин сыйлайт жана зыяратчылар арасында ишенимди бекемдейт. Бул программа менен Түркия ар түрдүү, туруктуу тажрыйбаларды, анын ичинде экологиялык жактан таза турак жайларды, велосипед тебүүнү жана треккингди камсыздайт, мунун баары өлкөнүн мурастары менен аны колдогон адамдардын ортосундагы терең байланышты бекемдөөгө багытталган.

**Түркия: жыл бою, ар тараптуу багыт**

Уникалдуу географиялык жайгашуусу, үч тарабы көгүлтүр деңиз, тарыхый байлыгы менен белгилүү болгон Түркия жыл бою ар тараптуу саякат бейиши катары өзгөчөлөнүүдө. Туристтик активдерин дүйнөгө көрсөтүү үчүн тайманбастык менен кадам таштаган өлкө, укмуштуудай өнүмдөрдүн ар түрдүүлүгү, анын ичинде укмуштуудай шаар кечүүлары, спорттук иш-чаралар, эл аралык иш-чаралар жана фестивалдар менен зыяратчылардын көңүлүн бурат.

Бирок Түркиянын туристтик сунуштары анын популярдуу жерлери менен эле чектелбейт. Өлкөнүн кооздугу археологиялык кереметтер сыяктуу катылган асыл таштарды камтыган белгилүү жерлеринин чегинен ашат. Маданий мурастын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн бул археологиялык асыл таштарды сактоону чечкен Түркия көптөгөн археологиялык казуу жана реставрация долбоорлорун ишке ашырууда. Бул тармакта пионер катары Түркия археологиялык долбоорлорун 2023-жылы 720га көбөйттү. Долбоорлордун 2024-жылы 750гө жетиши күтүлүп, Түркиянын маданий мурастарды сактоодогу лидерлигин бекемдейт.

Мындан тышкары, өлкө түнкү зыярат үчүн популярдуу археологиялык жерлерди жарыктандыруу менен, бул тарыхый байлыктарды кечки асмандын астындагы укмуштуудай көз жоосун алган көрүнүшкө айлантып, зыяратчыларды таң калтырат.

Измирдеги Эфес, Деңизлидеги Иераполис, Антальядагы Патара жана Сиде сыяктуу бул жерлер Түркиянын тарыхый мурастарын гана көрсөтпөстөн, зыяратчыларга өлкөнүн бай маданий мурастары менен дагы жакыныраак жана сыйкырдуу байланышы үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет.

“Кабар” маалымат агенттиги

Манас гезити

## “Манастын” жаңы учкуну

**Сүйүктүү окурмандар!**

Бул ирет Кыргызстандын сыймыгы болгон Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин туңгуч “Манас” гезитинде сиздер менен пикир алышып жатканыбызга кубанычтамын. Гезиттин бул санында сиздерге кайрылып, алдыда кызыктарга бай болчу сапарды бирге баштап алгыбыз келет. Ага улай бизди калыптандырган баалуулуктарыбызды бөлүшсөк дейбиз.

“Манас” университети – бул жөн гана билим берүү мекемеси эмес, боордош Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы достук көпүрөсү, жаркын келечектин кепилдиги. Биз студенттерибизге билим берип тим болбостон, аларды адеп-ахлактык касиети жогору, жоопкерчиликтүү инсан болууга үндөйбүз. “Манас” гезити да ушул баалуулуктарды таасын чагылдырып, чынчылдык, жаңычылдык жана тилектештик өңдүү мыкты сыпаттарды камтыган платформа жаратууну максат кылат.

“Манас” гезити студенттердин калеминен жаралган эмгектер орун алган аянтчага айланат. Ушундан тартып сиздерди окуу жайыбыздагы саамалыктардан кабардар кылып, жалпы Түрк дүйнөсүн кучагына алган макалаларды бөлүшүүнү көздөп турабыз. Ал үчүн ар бирибиздин пикирибиз өзгөчө мааниге ээ.


“Манас” гезити маалымат берүүчү гана эмес, өзгөчө, так маалымат, искусство жана билим берүү жаатында Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттарына салымын кошуп, коммуникация кызматкерлери катары моюнубуздагы жоопкерчиликти эске салып турууга өбөлгө болот деген ишеничибиз бар. Бул өзгөчөлүктөрдү башкы артыкчылыгыбыз деп эсептеген ишенимдин аркасында алдыга карай кадам жасоо биз үчүн жагымдуу болмокчу.

Биз менен бир катарда болгон окурмандарыбызга ыраазычылык билдирем. “Манас” гезити сиздердин колдооңуздар менен гана өсүп, жаңы бийиктиктерди багынтары шексиз. Жаңы форматтагы гезит иретинде жаңылыктарыбыз менен бөлүшүүнү чыдамсыздык менен күтүүдөбүз.

***Терең урматым менен профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк, “Манас” гезитинин башкы редактору***



# Түркиянын Кара деңизи 2024-жылы зыярат кылуучу мыкты жерлер тизмесине кошулду



***Түркиянын Кара деңиз аймагы CNN Travel`lин 2024-жылы зыярат кылуу үчүн эң мыкты жерлеринин катарына кирди. Өлкөнүн түндүгүндөгү жарым ай сымал Кара деңиз аймагы жана анын жээктери уникалдуу географиясы жана климаты, тарыхый жерлери, өзгөчө каттамдары жана даамдуу чайлары менен мактоого татыктуу болду.***

“Кабар” агенттиги

**Түркиядагы жаратылыш жана тарых маршруту**

Жашыл изумруд тоолорунун капталдары жана терең көк деңиз менен чектешкен жээк сызыгы менен Түркиянын Кара деңиз аймагы, бай маданий мурастары, табигый кооздуктары жана ар кандай иш-чаралары менен ачылууну күтүп жаткан өлкөнүн жашыруун асыл таштарынын бири десек да болот. Кара деңиздин жээги Түркиянын эң кооз жолдоруна ээ болгондугу менен өзгөчөлөнөт.

Аймактын узун жээги боюнча саякат, ошондой эле байыркы чептерди, уникалдуу пляждарды жана порттун жанындагы тынч балык уулоочу айылдарды изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Велосипед сүйүүчүлөрү үчүн идеалдуу жол болгон Кара деңиз зымырыт токойлору, шаркыратмалары жана платолору, рафтинг, треккинг, альпинизм жана аскага чыгуу сыяктуу спорт түрлөрү менен кереметтүү окуяларды сүйүүчүлөрдү өзүнө тартат.

Байыркы доордон бери түрдүү цивилизациялардын жана маданияттардын мекени болгон Кара деңиз аймагы бай тарыхка жана маданий мурастарга ээ. Маселен: деңиз деңгээлинен 750 метр бийиктикте Ризедеги Зил сепили; Улуттук күрөштүн шаары Самсундагы Бандырма кеме музейи.

Булут каптаган платолору жана айыл жашоосу менен көңүлдөрдү бурган Кара деңиз аймагы кооз чакан шаарлары менен да белгилүү. Сафранболу, ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк мурастар тизмесине кирген Карабүк; Салттуу түрк шаар архитектурасын бүгүнкү күнгө чейин сактаган тарыхый үйлөр менен Кастамону; Мудурну жана Гөйнүк, Болунун Cittaslow багыттары; жана Амасра укмуштуудай табигый кооздугу менен өзгөчөлөнүп турат.



**Кара деңиздин укмуштуу кулинария сырлары**

Кара деңиз аймагынын жаанчыл климаты жана түшүмдүү топурагы да аймактын өзгөчө кулинардык маданиятына салым кошкон. Кара деңиз аймагы чай жана фундук өндүрүшү менен да белгилүү. Түркиянын эң даамдуу фундуктары Орду жана Гиресунда өстүрүлөт, ал эми Ризеде Түркиянын чай плантацияларынын 60% жайгашкан. Түркиядагы чайдын түрлөрү жөнөкөй суусундуктан алда канча көп. Бул түрк маданиятына терең сиңип калган жергиликтүү жашоонун ажырагыс бөлүгү. Эс алдыруучу жана жагымдуу суусундук Түркияда эң популярдуу эртең мененки тамактын компоненти жана эң көп керектелген суусундук түрү.

Кара деңиз хамсы балыгы абдан белгилүү жана негизги азык. Ал кичинекей балыктан анчоус кушу (хамси кушу), бышырылган жана куурулган анчоустан жасалган тамак жана анчоус кошулган палоо жасалат. Пиде (ар кандай ингредиенттер менен толтурулган түрк наны) Кара деңиз аймактарында да абдан популярдуу, бирок Самсундун жергиликтүү пиделери эң белгилүү. Самсундун үч районунда тең, Бафта, Чаршамба жана Термеде уникалдуу камыр жана башка ингредиенттер, мисалы, фарш же сыр сыяктуу ар түрдүү пиделер бар.

# Бишкекте Кыргыз - Түрк бизнес - форуму өттү




***Бишкекте Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаровдун колдоосу менен Кыргыз - Түрк бизнес-форуму өттү.***

Манас телеканалы
Которгон: Эсенбол Нурбек уулу

Иш-чарага Кыргызстандын Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров, Экономика жана коммерция министри Данияр Амангелдиев, Түркиянын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган, Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиев жана Түркиядан келген 60 ишкерден турган делегация катышты.

**“Түркия менен соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүүнү Кыргызстан үчүн стратегиялык артыкчылык катары карайбыз”**

Иш-чаранын ачылыш сөзүндө өкмөт башчы Акылбек Жапаров эки өлкөнүн мамилесин жакшырта турган жаңы идеяларга, жаңы долбоорлорго ачык жана даяр экендигин баса белгиледи. Түркиялык ишкерлерди Кыргызстанга инвестиция салууга чакырган Жапаров: “Түркия менен соода жана экономикалык карым-катнаштарды өнүктүрүүнү Кыргызстандын стратегиялык артыкчылыгы катары карайбыз”,-деди.

Жапаров Бишкекте иштеп жаткан Кыргыз-Түрк “Достук” мамлекеттик ооруканасы эки өлкө ортосундагы мамилелердин ийгиликтүү өнүгүшүнүн үлгүсү экенин белгиледи. 2023 -жыл карым-катнаштар үчүн абдан пайдалуу болгонун белгилеген өкмөт башчы эки тараптуу сооданын туруктуулугу үчүн Анкарада Кыргызстандын Соода өкүлчүлүгү ачылганын эске салды. Жапаров эки өлкөнүн ортосунда биргелешкен соода көлөмүнүн өскөнүн белгилеп, Кыргызстандан Түркияга экспорттолгон продукцияларды санап өттү.

**“Түркия Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрүнүн бири”**

Кыргызстандын Экономика жана коммерция министри Амангелдиев Кыргызстандын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрү жана потенциалы тууралуу презентация жасап: “Түркия Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрүнүн бири”,- деди. Ал Кыргызстан ири долбоорлорду ишке ашырууга кызыкдар экенин баса белгилеп, салык мыйзамдарында белгиленген эрежелер жана салыктан бошотуу мүмкүнчүлүктөрү менен бөлүштү.

Кыргызстандын келечектүү багыттарынын арасында энергетика, өнөр жай, соода, туризм жана каржылык кызматташтык бар экенин билдирген Амангелдиев түрк ишкерлеринен бул тармактарга баа берүүнү суранды. Амангелдиев түрк тарапка “Улуу Жибек Жолу” брендинин потенциалын пайдаланууну жана өлкөлөр ортосундагы туристтик каттамдарды өнүктүрүүнү сунуштады. Ал банк тармагындагы кызмат көрсөтүүлөргө токтолуп: “Которуу жана валюталык операцияларды тездетүү үчүн Түркиянын коммерциялык банктарынын Кыргызстанда өкүлчүлүктөрүн (филиалдарын) ачууну сунуштайбыз”, - деди.

**2024-жыл - Түркия жана Кыргызстан үчүн маанилүү жыл**

Түркиянын Бишкектеги элчиси Доган 2024-жылдын Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы инвестиция жана соода карым-катнаштарында олуттуу жылыш болгон жыл болушун каалаганын жана Түркия бул максатка жетүү үчүн аракет кылып жатканын билдирди.

**Доган: “Кыргызстан бизге дос жана бир тууган өлкө”**

Кыргыз бийлигинин инвесторлорго көрсөткөн колдооосун баса белгилеген Доган: “Бул мүмкүнчүлүктү колдонуңуздар. Кыргызстан суу, энергетика жана электр энергиясы жагынан инвестиция үчүн абдан ылайыктуу өлкө. Инвесторлордун муну эске алуусун суранам. Сиздерди Кыргызстанга чакырам”, - деди. Ал: “Кыргызстанда иштеп жатканыма үч жылдай болду. Кыргыз өкмөтү иштеп жатканына да болжол менен үч жыл болду. Бул аралыкта бизнес тармагында чечилбеген көйгөй көргөн жокмун. Кыргыз өкмөтү жардам бербеген бир да маселе көргөн жокмун. Мен муну биздин бизнес чөйрөнүн көңүлүнө жеткиргим келет”, - деди.

Түрк бизнес делегациясынын өкүлү Явуз Алтун Кыргызстанга буга чейин бир жолу келгенин, алар өздөрүн үйдөгүдөй сезип жатканын айтты. Алтун Кыргызстандын 200 миллион калктуу географияга кызмат кылууну каалаган бардык өндүрүүчүлөр жана өнөр жайчылар үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрү бар өлкө экенин баса белгиледи. Форумдун алкагында эки тараптуу жолугушуулар өткөрүлүп, жергиликтүү фирмалар азык-түлүк тармагындагы продукцияларын көргөзмөгө коюшту.

**Кыргызстан - Түркия бизнес-форумунун делегация өкүлдөрү “Манас” университетинде**

2024-жылдын 29-февралында Кыргыз - Түрк бизнес-форумуна катышкан Түркиядан келген делегация өкүлдөрү “Манас” университетинде конокто болушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө түркиялык 60тан ашуун ири компаниянын өкүлдөрү түрк дүйнөсүнүн алтын көпүрөсү болгон “Манас” университети менен жакындан таанышышты. “Университеттен да артык...” - урааны менен билим берип жаткан “Манас” университетинин коомго кошкон салымы тууралуу сөз болду.

Делегация мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун колдоосу менен өткөрүлгөн көк бөрү оюнун дүйнөдөгү биринчи салттуу спорт майданына ээ болгон “Манас” университетинде көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Аба ырайынын сууктугуна карабай ата-бабасынын конушунда өткөн көк бөрү оюнун кызыгуу менен көрүштү.

Белгилей кетсек, Кыргыз - Түрк бизнес-форуму 2024-жылдын 28-февралында башталып, ага Түркиядан 60тан ашуун ири компаниянын өкүлдөрү, Кыргызстандан 150дөн ашуун ишкана катышты. Иш-чарада сооданын жана инвестициялардын өнүгүшүнө жол ачкан сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.



# Кыргызстан - Түркия: “Ортоңку коридор” боюнча талкуу жүргүздү



***Түркия Республикасынын Транспорт жана инфраструктура министри Абдулкадир Уралоглу менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министри Тилек Текебаев Биргелешкен экономикалык комиссиясынын 11-жыйынынын алкагында Анкарада жолугушту.***

Жолугушуунун жүрүшүндө Уралоглу жол транспортунда таштала турган жаңы кадамдар Түркия - Кыргызстан, ошондой эле чыгыш менен батыштын ортосундагы сооданы жакшыртаарын белгилеп: “Ортоңку коридор дагы бекемделет”,-деди.

Кыргыз кесиптеши Текебаев жана аны коштогон делегацияны кабыл алган Уралоглу жолугушууда Түркия менен Кыргызстандын татаал жана баалуу географияда жайгашканын айтты.

Уралоглу Түрк Мамлекеттер Уюмунун акыркы мезгилде ойногон ролу абдан баалуу экенин белгилеп: “Алгач ирет бир үстөл тегерегине чогулуп жатабыз. Аны биз “Түркия кылымы” деп атайбыз, Түрк мамлекеттеринин уюмдары “Түрк кылымы” деп аташат. Бул биз үчүн абдан баалуу”,-деген баасын берди.

**“Чыгыш менен Батыштын соода алкасы жакшырат”**

Жол транспорту боюнча таштала турган жаңы кадамдар эки өлкөнүн карым-катнаштарынын өнүгүшүнө чоң салым кошо турганын белгилеген Уралоглу: “Жер транспортунун биргелешкен комиссиясынын жыйыны акыркы жолу 2021-жылы өткөн. Жыйында эки тараптуу жана транзиттик жүк ташууларды либералдаштыруу чечими кабыл алынган. Анын жыйынтыгында, жеткирүү чынжырындагы өзгөрүүлөрдү жана жол транспортуна суроо-талаптын жогорулашын эске алып, биздин өлкөлөрдүн, аны менен катар чыгыш менен батыштын ортосундагы соода жакшырат, Ортоңку коридор дагы бекемделет”, - деди.

Туркия темир жол жеткирүүлөрүнө өзгөчө көңүл буруу менен бул тармакка чоң инвестиция салганын белгилеген Уралоглу: “Бул инвестициялар өзүбүзгө эле эмес, аймактагы өлкөлөргө да пайдалуу. 2017-жылы пайдаланууга берилген Баку-Тбилиси-Карс темир жол линиясы менен Борбордук коридордо үзгүлтүксүз темир жол инфраструктурасын түздүк. Мындан сырткары темир жол транспортуна байланыштуу долбоорлорду да колдойбуз”,-деди.

**“Эки өлкөнүн транспорт тармагында кызматташуусу жогорулайт”**

Кыргызстандын Транспорт жана коммуникация министри Тилек Текебаев да логистика экономиканын маанилүү бөлүгү экенин баса белгилеп: “Биздин жолугушууларыбыз абдан жемиштүү болду. Кыргызстан менен Түркия ортосундагы соода алакалары акыркы мезгилде тездик менен өсүп жатат. Мунун эң жакшы мисалын жүк ташуулардын көбөйүшүнөн көрүп жатабыз. Эки өлкөнүн ортосунда автотранспорт тармагында түзүлө турган келишимдер да абдан чоң мааниге ээ. Альтернативдик коридорлорду карап, Түркия менен кызматташтыкты бекемдөөгө умтулабыз. Эки өлкөнүн транспорт тармагындагы кызматташтыгы арта берет”,-деди

**Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы сооданын өсүшү “Ортоңку коридорду” бекемдейт**

Уралоглу Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы транспорт тармагында карым-катнаштарды өнүктүрүүгө кадам таштагандарын жана иш тездетилгенин айтты.

Эки өлкөнүн ортосундагы транспорт жана темир жол тармагындагы иштерге көңүл бура тургандарын билдирген Уралоглу, транспорт тармагында жасала турган жаңы кадамдар эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин өнүгүшүнө чоң салым кошоорун баса белгиледи.

Уралоглу өз сөзүндө: “Биз жеке сектордогу ири инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруудагы тажрыйбабызды кыргыз боордошторубуз менен бөлүшүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк. Эки өлкөнүн ортосундагы жол тармагынын эки тараптуу жана транзиттик ташууларды либералдаштыруу чечимин кабыл алынды. Кол коюлган протокол күчүнө кирери менен бул маселе расмий болуп калат. Экинчи жагынан, биз Кыргызстан менен транзиттик документтерди электрондук түрдө берүүнү караган «электрондук уруксат» изилдөөсүн жүргүзүү боюнча макулдаштык. Биз бардык билимди берүүгө даярбыз”,-деди.

“Ортоңку коридор” темасына утурлай Кыргызстан менен мультимодалдуу ташуулардын ишке ашырылуусуна чоң маани беришерин айткан Уралоглу, буларды кошумчалады: “Алдыдагы долбоордун арасынан жалпы узундугу болжол менен 310 чакырымды түзгөн Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы темир жол линиясы жана алардын “Ортоңку коридорго” кошкон салымы талкууланды. Ошондой эле биз кыргыз тарап менен өлкөбүздүн темир жолдорду башкаруу жана эксплуатациялоо жаатында топтогон тажрыйбалары менен дагы бөлүшөбүз. Айрыкча Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы соода көлөмүн жогорулатууга байланыштуу жаңы аракеттерибиз жасалат. Түркия жана Кыргызстандын ортосундагы сооданын өсүшү менен “Ортоңку коридор” дүйнөдөгү эң кубаттуу жолго айланат”.

Манас телеканалы
Которгон: Айгерим Токтобекова, Жылдыз Муратбекова

# Түрк маданияты жана мурасы фондунун президенти менен жолугушуу



***Тышкы иштер министринин орун басары Айбек Молдогазиев Түрк маданияты жана мурасы фондунун жаңы дайындалган президенти Актоты Раимкулова менен жолугушту.***

“Кабар” агенттиги

ТИМден билдиришкендей, тараптар Кыргызстандын Түрк маданияты жана мурасы фондунун алкагында кызматташуу маселелерин, фонддун 2024-2025-жылдарга иш планын, ошондой эле жакынкы жылдарда ишке ашырууга пландаштырылган долбоорлорду кеңири талкуулашты.

Атап айтканда, Айбек Молдогазиев Бишкектеги Алыкул Осмоновдун үй-музейин реконструкциялоо, кыргыздын улуттук оюндарын (көк-бөрү жана кыргыз күрөшүн) Бешинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын этноспорттук иш-чараларынын программасына киргизүү, ошондой эле Фонддун 2024-жылы Кыргызстанда өткөрүлүшү пландалган Түрк мамлекеттер уюмунун кезектеги саммитине катышуусу боюнча токтолду.

Актоты Раимкулова, өз кезегинде, кыргыз тарапка фонддун ишмердүүлүгүнө туруктуу колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирип, учурдагы иштер, алдыдагы пландар тууралуу айтып, ошондой эле фонд жогоруда айтылган маселелерди алдыга жылдырууга даяр экенин ырастады.

Жолугушуунун соңунда тараптар түрк дүйнөсүнүн маданий мурастарын сактоо жана коргоо боюнча мындан аркы биргелешкен иштерге өз ара кызыкдар экендиктерин билдиришти.

# Кендирбаева Түркиянын Жакынкы Чыгыш техуниверситетинин ректору менен жолукту

***Билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева Түркияга болгон иш сапарынын алкагында Анкара шаарындагы Жакынкы Чыгыш техникалык университетинин ректору Мустафа Вершан Көк менен жолугушту.***



“Кабар” агенттиги

Ведомстводон билдиришкендей, тараптар Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен Жакынкы Чыгыш техникалык университетинин (ODTU) ортосундагы кызматташуунун келечегин, анын ичинде алдыңкы тажрыйба алмашуу, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу, студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүк программалары, илимий долбоорлорду каржылоо үчүн биргелешкен илимий фонд түзүү маселелерин талкуулашты.

Катышуучулар эки өлкөнүн студенттеринин кесиптик өнүгүүсү үчүн максималдуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерин билдиришти.

Маалымат үчүн: Туркиянын Жакынкы Чыгыш техникалык университети QS эл аралык рейтингинде Түркиянын университеттеринин арасында лидер болуп саналат. Бул окуу жайда 94 өлкөдөн келген студенттер билим алышат. Окутуу англис тилинде гана жүргүзүлөт. Ага архитектура факультети, искусство жана илимдер факультети, экономикалык жана административдик илимдер, педагогика, инженердик факультеттери кирет. Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн 68,3% ы PhD даражасын жакташат. Жакынкы Чыгыш техникалык университети продукциясынын экспорту 3 млрд. долларга жеткен Түркияда биринчи технополисти уюштурган.





# Кыргызстан жер титирөөдөгү түрк элинин биримдигин унуткан жок

***Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары Азамат Мамбетов 2023-жылдын 6-февралында Кахраманмарашта болгон жер титирөөдөгү түрк элинин биримдигин эске салды билдирди.***

Кахраманмарашта катталган жер титирөөдө Түркияга жардам колун сунган Кыргызстандын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу топту жетектеген Азамат Мамбетов Анадолу агенттигине өзү катышкан издөө-куткаруу миссиясы тууралуу айтып берди. Жер титирөөнүн очогу болгон Кахраманмарашка Кыргызстандан барган издөө-куткаруу тобун координациялоого милдеттендирилген Мамбетов, кырдаалдын тез арада жөнгө салынышы Түрк элинин биримдиги жана кол сунган өлкөлөрдүн куткаруучууларынын ыкчам аракетинин жыйынтыгында болгонун айтып өттү.

Ошондой эле, Мамбетов баштарынан өткөргөн кыйынчылыктарга карабай, Кыргызстандан барган издөө-куткаруу тобуна ысык тамагын алып келип коолдоо көрсөткөн түрк боордошторуна ыраазычылыгын билдирди.

Азамат Мамбетов жер титирөө болгон аймакта канчалаган адамдардын үй-жайынан,жакындарынан ажырап,жапа чеккендерин капалануу менен эске алып,ошол эле учурда жабыркагандар үчүн жаны үйлөрдүн курулганы кубанычтуу кабар болгонун айтты.

**“Жер титирөөдөн жабыркагандар үчүн 127 боз үй тиктик”**

Мамбетов: “6-февраль таңкы саат 04:17де Очогу Кахраманмараш болгон жер титирөөнү унуткан жокмун”,-деди.

Анын айтымында, Түркияда катуу жер титирөө болгондугу тууралуу Президент Садыр Жапаровго маалымат берүү үчүн барган Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажыкеевге “Түрк элине жардам колу сунулсун” деген көрсөтмө, издөө-куткаруу тобун тез арада даярдоо боюнча тапшырма берилген.

Мамбетов Кахраманмарашка 182 кишиден турган издөө-куткаруу жана медициналык топ барганын айтып, Кыргызстандын президентинин көрсөтмөсү менен жер титирөөдөн жабыркагандар үчүн 127 боз үй тигилгенин маалымдады.

Ошондой эле, Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу издөө-куткаруу топтору урандылардын астынан 8 адамды тирүү алып чыгышканын, 198 адамдын жансыз денесин табышканын жана 13 күндөн кийин Хатай шаарында бир үй-бүлөнү керемет жолу менен урандылардын астынан куткарып алышканын баса белгиледи.

Ал эми  Кыргызстандын Өзгөчө кырдаалдар министри Ажикеев жер титирөө болгон аймакка барып, жабаркагандардын абалын сурап, өкмөт мүчөлөрү менен жолугушкан.

Мамбетов Кахраманмарашта иш алып барган жаш издөө-куткаруу тобунун мүчөлөрү көргөндөрүнөн абдан таасирленгендерин билдирди.

Жолдошторунун сезимдери менен бөлүшкөн Мамбетов: “Биздин 25 жашта болгон куткаруучуларга жаман көрүнүш болду. Алар кайтып келгенден кийин жаш куткаруучулардын жашоого болгон көз карашы өзгөрдү. Алар оор шартка, катуу суукка карабай күнү-түнү нөөмөттө иштешти”,-деди.

**“Түркия менен мамилебиз дагы да жогору деңгээлге чыкты деп айта алам”**

Жер титирөөдө кыргыз-түрк эли ынтымакта болгонуна токтолуп: “Түркия менен мамилебиз дагы да жогорку деңгээлге чыкты деп айта алам”,-деди Мамбетов.

Ошондой эле, ал издөө-куткаруу иштерин Түркияда жашаган кыргызстандыктардан да колдоого алышканын, ал эми мекенине кайткан издөө-куткаруу тобун “Манас” эл аралык аэропортунда кыргыз эли тосуп алганын, жер титирөө болгон аймакта куткаруу иштерине катышкандар Президент Садыр Жапаров тарабынан сыйлаганын айтты.

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова

# Түркия менен Кыргызстан Биргелешкен экономикалык комиссиянын келишимине кол койду



***Кыргыз жана Түркия Республикалары ортосунда эки тараптуу кызматташуу боюнча келишим түзүлдү.***

Манас телеканалы
Которгон: Эрлан Бектен уулу

Аталган макулдашууга Түркия-Кыргызстан Биргелешкен экономикалык комиссиясынын (КЕК) кезектеги 11-жыйынынын алкагындагы Түркиянын вице-президенти Жевдет Йылмаз менен КРнын Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаровдун жолугушуусунда кол коюлду.

Биргелешкен экономикалык комиссиянын протоколун, аны ишке ашыруу үчүн 62 бөлүктөн турган стратегиялык планын алмашкан эки жетекчинин катышуусунда Түркиянын Транспорт жана инфраструктура министрлиги менен Кыргыз өкмөтү ортосунда "1992-жылдын 28-апрелинде Бишкекте жетишилген Эл аралык автомобиль транспорту жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", "Түркиянын экспортчулар ассамблеясы менен Кыргызстандын экспортту өнүктүрүү борборунун ортосундагы кызматташуу боюнча өз ара макулдашуу жөнүндө" меморандумдарына да мөөр басылды.

Жыйындан кийин Жапаров менен бирге маалымат жыйын уюштурган Йылмаз өткөрүлгөн бизнес-форум жана эки тараптуу жолугушуулар боордош эки өлкөнүн кызматташтыгын бекемдей турган таризде жыйынтыкталганын айтты.

Вице-президент өз сөзүндө Кыргызстан менен соода-экономикалык алакаларды чындоо боюнча иштер кызуу уланып жатканын, буга эки тараптуу соода-сатыктын көлөмүнүн 1,6 миллиард долларга жеткени далил экенин кошумчалап, бул көрсөткүч дагы жогорулай турганын билдирди.

Йылмаздын сөзүнө ылайык, алгачкы этапта аталган сумманы 2024-жылы 2 миллиард, ал эми жакынкы келечекте 5 миллиард долларга жеткирүү пландалууда. Ал үчүн өз ара инвестициялардын көлөмүн арттыруу боюнча тиешелүү кадамдарды жасоого эки тарап тең колдоосун көрсөтөт.

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү бир катар престиждүү долбоорлорго көмөк көрсөткөн түркиялык подрядчы фирмалар Кыргызстанда жалпы суммасы миллиард долларга барабар 93 курулушту жүзөгө ашырганын эске салган вице-президент, жергиликтүү ишкерлер алдыда Кыргыз мамлекетинин өнүгүүсү үчүн ири проектилерди колго алууга даяр экенин баса белгиледи.

Кыргызстан менен орток пайда алып келе турган бардык сферадагы мүмкүнчүлүктөрдү талдоого эки тарап тең кызыкдар экенин айткан Жевдет Йылмаз, соода жана инвестицияны арттыруудан тышкары энергетикадан айыл-чарбага, кыймылсыз мүлктөн транспортко, медицинадан билим берүү, маданият жана өнөр жайга чейинки тармактарга болгон демилгелерди арттыруу зарылчылыгына токтолду.

Ал эми кызматташуунун жогорку деңгээлге жетүүсүндө эки өлкө башчысы Режеп Тайип Эрдоган менен Садыр Жапаровдун күчтүү саясий эркинин таасири чоң экенин айткан ал пикирин төмөнкүчө улантты:

"Алардын кыраакы жетекчилигинин жана алар карманган көз караштын алкагында биз дагы бардык мекемелерибизде ушул пикирди баса белгилөөгө аракет кылабыз. Бүгүн өткөргөн Биргелешкен экономикалык комиссиянын жыйыны да мамлекет башчыларыбыздын Бишкекте өтө турган жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык жолугушуусу үчүн бекем пайдубал түздү деп ойлойм".

Буга чейинки Биргелешкен экономикалык комиссиянын (КЕК) 10-жыйынында кабыл алынган стратегиялык пландагы 79 пункттун 46сы азыркы тапта ишке ашырылганын кабарлаган Йылмаз, учурдагы план 62 бөлүктөн турарын, алар алдыңкы мөөнөттө өз ара аткарыла баштарын убада кылды.

*Стратегиялык пландагы негизги иштер тууралуу вице-президент мындай деди:*

"Аракеттенүү боюнча программабызда Соода жумушчу тобунун жыйындарын, Биргелешкен бажы кеңешинин 3-отурумун өткөрүү; өз ара соода жана инвестициялык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү; тоо-кен жана гидроэнергетика тармагындагы алакаларды жогорку деңгээлге көтөрүү; Кыргызстандын потенциалдуу өнүгүү секторлорун камтыган аймактык өнүктүрүү пландарын даярдоодо тажрыйба алмашуу жана техникалык колдоо көрсөтүү; маданий жана тарыхый мурастарды коргоо үчүн транспорт, токой чарбасы, финансы, саламаттыкты сактоо, реставрация өңдүү тармактарда кызматташуу; билим берүү жана илим тармагында келишимдер боюнча сүйлөшүүлөрдү улантуу жана жыйынтыктоо; соттук экспертиза жаатында иш алып баруу; адам ресурстары жаатында тажрыйба алмашуу сыяктуу урунттуу учурлар бар".


Маалымат жыйынында белгилүү болгондой, Биргелешкен экономикалык комиссиянын бул отурумунда климаттын өзгөрүүсү байкалып, дүйнө коомчулугу туруктуу өнүгүү маселелерин активдүү талкуулап жаткан чакта суу стратегиялык мааниге ээ көйгөйлөрдүн бири экени айтылып, буга байланыштуу атайын жумушчу топ түзүлмөй болду.

*Бул боюнча Жевдет Йылмаз:*

"Айыл чарба министрлиги баш болуп, Соода министрлиги, Тышкы иштер министрлиги сыяктуу бардык тийиштүү ведомство өкүлдөрүнүн катышуусунда сугат ишинен балык чарбачылыгы, энергетикадан сууну үнөмдүү пайдаланууга чейинки бардык алкакта кандай кадам жасай ала турганыбызды талкууладык. Анан дагы Кыргызстандын кошуна мамлекеттерге ичүүчү сууну жеткирүүсү, эми коммерциялык негизде сатуу боюнча жеке сектор менен иштешүүгө макул болдук", – деген пикирин айтып өттү.

Соңунда вице-президент Жевдет Йылмаз Биргелешкен экономикалык комиссиянын 11-жыйыны эки өлкө ортосундагы соода-экономикалык алаканы дагы да жакшыртууга салым кошоруна ишеничи чоң экенин айтып, Түркия менен Кыргызстандын бул жааттагы кызматташуусу тез арада нагыз бир туугандык мамилени чагылдырган деңгээлге жетишин кааларын билдирди.






# "Бир мелдеште алтындан калдым, бирок, жашоомо жарык болчу алтын таптым"

***Айжан Анарбекова – алыш бел боо күрөшү боюнча Азиянын чемпиону, спорттун алты түрү боюнча чебер. Ал атайын адистик билимге ээ кесипкөй спортчу. 2023-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетиндеги спорт илимдери факультетинин машыктыруучуларды даярдоо бөлүмүн бүтүргөн. Учурда ушул эле бөлүмдүн магистратура программасында окуп жаткан кези.***

Айзирек Абдыкалил кызы

### Спортко алып келген жол

Мектепте окуу жүргөн убакта эле, 10-11-класстарда, спортко кызыгып, машыгып баштагам. "Манас" университетинин кирүү сынагынан өткөндөн кийин, дароо эле спорт бөлүмүн тандап алдым. Спорт тармагында билим берген башка жерди деле тандасам болот эле. Бирок, мени "Манас" университетинин сабактары, акысыз окуткан кызыктырды.

### Алты спорттун чебери болуу ары сыймыктуу, ары түйшүктүү

Учурда 6 спорттун чебери наамын алганмын. Алыш бел боо, таяк тартыш, күрөш боюнча эл аралык деңгээлдеги, ал эми бел боо күрөшү, кол күрөш, кыргыз күрөш боюнча өлкөбүздө спорт чеберимин. Дзюдо боюнча спорт чеберине талапкермин. Спорттун башка түрлөрүнөн дагы өзүмдү сынап келем. Оор атлетикага да сунушташкан, айтор, сунуштар көп. Бирок, учурда алыш бел боо жана кыргыз күрөшүнө баш-отум менен кирип кеттим. Спорттун алты түрү менен бирдей машыкканда кээде кыйынчылык болуп калат. Бир эле күндө эки спорттун түрүнөн мелдеш коюлуп калган учурлар да болгон. Бирок, канчалык экөөнө тең катышууну каалап турсам дагы, бирин гана тандоого туура келет. Чет өлкөгө мелдешке барып келгенден бир жумадан кийин башка жакка мелдешке барыш керек болуп калат. Ушундай учурларда абдан чарчайсың.

### Спорт аркылуу жашоомдун маңызын таптым

Мүнөзүм ачык-айрым, бетке айтам. Тактыкты, катуу тартипти жакшы көрөм. Бул спортчу үчүн абдан маанилүү. Машыгуулар үзгүлтүксүз болушу керек. Спорт мени тандаган деп ойлойм. Эгерде мен спортту тандаган болсом, анда аны оңой эле таштап кетмекмин. Ошондой таштап кетким келген учурлар көп эле болду. Турмушка чыкканда спорттон кетмек түгүл, эки жумадан кийин Финляндияга барып 2-орунду алып келгем. Балам төрөлгөндө кыйналгам, кетип калышым мүмкүн эле. Кетпедим.

### Беш жарым айлык кош бойлуу кезимде алыш бел боодон утуп алдым

Кош бойлуу болгонумда, спорттон кеКош бойлуу болгонумда, спорттон кетемби деген коркунуч болду. Бирок, боюнда бар кездеги депрессияга кабылбоо үчүн, балам сегиз жарым айлык болгонго чейин машыгуу залында жүрдүм. Күнүгө машыгып, кээде үйдөгүлөргө айтпай кеткенге туура келчү. Ичимдеги балам жети ай болгонго чейин күрөштүм. Беш жарым айлык кезде алыш бел боо боюнча көчмөндөр оюндарына тандоо жүрүп, күрөшүп утуп алгам. Кош бойлуу экенимди эч ким байкаган эмес. Бир жагынан, тилекке каршы, экинчи жагынан бактыга жараша (күлүп) Туркияда өткөн Көчмөндөр оюндарына үч күн калганда көз жарып калдым. Ага өкүнбөймүн, Аллахым мага мелдештен таба албай турган, жашоомо жарыгын чача турган алтынды белек кылды. Ошондо наристемди колума алып "мына менин медалым" дегенмин.

Балам төрөлгөндөн эки жума өткөн соң, окуумду уланта баштадым. Бир жарым айдан кийин Бишкек шаарында күрөш боюнча мелдеш болуп, анда экинчи орунду ээледим.

### Медаль алганыма ректордун үлүшү чоң

Эң биринчи мени колдогон киши - апам, андан кийин эле машыктыруучум - Токтоназаров Жеңишбек. Ал менин машыкканыман баштап психологиялык абалыма чейин көзөмөлдөп турат. Жеңишбек агай мындай камкор мамилени машыктырган ар бир баласына көрсөтөт. Биздин залда жети облустан келген жаштар машыгат, жети облустун биримдигинен турат десем болот.

Ошондой эле университет тараптан колдоо көрсөткөн ректорубуз Алпаслан Жейлан агайыма ыраазычылык билдиргим келет. Спортчуга жакшы тамактануу, ыңгайлуу уктоочу жай абдан маанилүү. Мына ошол шартты ректорубуз түзүп берип жатат. Жеңишиме анын салымы чоң. Мугалимдеримдин да колдоосу күч. Мени шыктандырып, түшүнүү менен мамиле жасашат.

### Астанада мени уткан атаандашымды Өзбекстанда жеңдим

Эң биринчи жеңишке Ысык-Көлдө жеткем. Ал жакта таяк тартыш боюнча Таластын намысын коргоп чыгып, 2-орунду алгам. Бозомук кичинекей бир медаль алганмын, ошол өзгөчө эсимде калган. Эң кубандырган жеңишим Азия чемпионатында алыш бел боо күрөшүнөн болгон. Көз жарганыма 7 ай болгон кезде күрөшкөм. Баламды апама таштап катышып келгем. Бул жеңишиме машыктыруучумдун салымы абдан чоң. Төрөттөн кийинки депрессиядан сууруп чыгып, мага чоң ишеним көрсөткөн. Ошондо Астанада өткөн мелдеште мен утулуп калган казак кызын Өзбекстанда жарым финалда утуп алдым. Астанада андан утулуп калганда ушунчалык ызаланып калган элем. Ошол ызаны Өзбекстандан утуп чыгарып алдым десем болот.

Учурда дагы бир чоң мелдешке даярданып жатам. Алыш бел боо күрөшүнөн дүйнөлүк чемпионат бар. Ал Туркияда декабрь айларында өтөт. Азияны уттум, учурда дүйнөгө чыгууугу даярдык көрүп жаткан кезибиз.

### Спортчу үчүн билим абдан маанилүү

Билимиң жок болсо, сени спортчу катары башкалар сыйлашы мүмкүн. Бирок, адам катары сый боло бербейт. Жада калса, күрөшүп жатканда дагы биз математиканы колдонуп, эсеп-чотун чыгарып күрөшөбүз. Эң мыкты спортчу экөөнү тең алып кетет. Спорт менен 30-35 жашка чейин барышың мүмкүн. Андан кийин билим жок болсо, жумушсуз каласың. Биз секиде моюнубузга медаль илип сыйлаган учурда гана чемпионбуз. Бутубуз жерге түшөр менен чемпион эмеспиз. Ошентип чемпион болуш үчүн кайрадан медаль үчүн күрөшкө аттанабыз.

Мен магистратура багытында билим алып, окуумду ийгиликтүү аяктап, анан "Манас университетинде иштеп калгым келет. Даярдоо курсуна келгенден бери максатым ошол. КТМУга салымымды кошуп, мыкты спортчуларды чыгаргым келет. Кыргызстандын куржунуна алтын алып келген спортчуларды өстүргүм келет.

### Ыр жазып-акын, така кийип-мисс болууга сунуш түшкөн

Кээде эргүү келип ыр жазып калам. Ырларымды бир таластык байке байкап калып, китеп чыгарууну сунуш кылган. Бирок, мен спорт жаатында эле калууну чечтим. Бирок өзүм үчүн ыр жаза берем. Ырга дагы көңүл бөлүш керек.

### Айжан Анарбекованын жазган ырлары:

Жаратканымдын жараткан пендесимин,
Апакемдин эркелеген эркесимин.
Канчалык балбан кыз болсом дагы,
Жүрөгүмдүн назиктигин билбептирмин.

Кемчиликсиз адам болбойт өмүрдө,
Кемиги жок сөөк болбойт жүлүндө.
Катасы жок өтө албайсың өмүрдө,
Кайгысы жок күлкү келбейт жүзүңө,

Жакшы сөз керек экен көңүлгө,
Сырдашканга бир дос керек өмүргө.
Сыйлай жүр ата-энени төрүңдө,
Бир тууганга боор тарткының бөлүнбө.

2019 - жана 2021 -жылдары "Кыргызстан сулуусу" конкурсуна сунуштар түшкөн. Бирок, ошол учурда алдымда эки чемпионат тургандыктан баш тарткам. Алдыда сулуулар ат салышкан кароо сынакка сөзсүз катышам деген оюм бар.

## *Доктор, ага окутуучу Мухаммет Кочак:*

# “Түрк биримдигин курууну пайдубалдан башташыбыз абзел”



***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өткөрүлгөн III эл аралык “Манас” форумунда Түрк мамлекеттер уюмунун келечеги тууралуу билдирүү жасаган Анкара коомдук илимдер университетинин Аймактык изилдөө институтундагы Түрк дүйнөсүн изилдөө бөлүмүнүн ага окутуучусу, доктор Мухаммет Кочак менен баарлаштык.***

**Маектин жүрүшүндө актуалдуу темаларга токтолгон доктор Кочак төмөнкүдөй ойлору менен бөлүшүп өттү:**

- Орто Азия менен Түштүк Кавказ аймактарын камтыган Түрк дүйнөсү көптөгөн жылдар бою Орус империясынын, кийин Советтер союзунун доорунда орус бийлигинин жетегинде болуп келген. Албетте, мындай жагдай аталган чөлкөмдө орус тилинин кеңири жайылуусуна алып келди. Азыркы тапта орусчаны телеканал, угуп-көрүп жаткан музыка-кинолор болсун, айтор, жалпыга маалымдоо каражаттарынын бардык түрүнөн жолуктурууга болот. Демек, орус тилинин академиялык жаатта гана эмес, популярдуу маданиятта дагы орду чоң десек жаңылышкан болбойбуз. Анын үстүнө жогоруда айтылган аймакта ишкердик менен алектенүү үчүн бул тилди билүү мааниге ээ. Түрк тилинин мындай деңгээлге жетүүсү үчүн узак убакыт керектелет. Ал максатка жетүү үчүн эмне кылышыбыз абзел? “Чү” дегенде эле биринчи кадам катары түркчө популярдуу маданияттын көздөгөн аймакка жетүүсүн камсыз кылуу керек. Түркияда популярдуулукка ээ болгон жергиликтүү тасмалардын, музыкалык чыгармалардын таралышы маанилүү. Орто Азия элдери түрк сериалдарын кызыгуу менен көрүшөт. Андыктан дал ушундай контентти кеңири жайылтуунун үстүндө иш алып барса болот. Буга мисал катары Юнус Эмре институту өңдүү бирикмелер тарабынан өткөрүлүп келген адабий жана кино фестивалдарды айта алабыз. Мындай өңүттөгү долбоорлорду каржылоону арттыруу керек деп эсептейм. А бирок эң башкысы катары белгилеп кетким келген нерсе – студенттердин мобилдүүлүгү. Эки өлкөдө иштеген академиктер, же болбосо билим алган студенттер алмашуу программалары аркылуу жер кезип, жаңы маданият менен жакындан тааныша алышат. Бул Түрк Биримдигин түптөөдөгү маанилүү кадамдардын бири десек туура болот.

**“Маданияттардын жуурулушуусуна чоң салым кошот”**

*Түрк дүйнөсүнүн негизинен Кытай жана Орусияга таянган экономикалык потенциалын канткенде Түркияга багыттоого болору тууралуу кеп козгогон Мухаммет Кочак мындай дейт:*

- Бүгүнкү күндө аймактагы Орусиянын маданий-экономикалык таасирин, СССРден бери келаткан гегемониясын жана Кытайдын экономикалык күчүн дароо жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Түркия Кытайга салыштырмалуу кичинекей жана Борбордук Азиядан кыйла алыс мамлекет. Түркия экономикалык алкакта өз үлүшүн алуу үчүн соода-сатыктагы жеңилдиктерге жол ачып, түрк ишкерлерин инвестиция жасоого чакыра алат. Ооба, азыр визасыз режим бар болгондуктан, балким, бул жакка саякаттоо үчүн паспорт талап кылууну алып салуу сыяктуу кадамдарга да барууга болот. Анан дагы ишкердик менен алектенем дегендерге бут тоспош керек. Кийинчерээк бул тармакта жасала турган кадамдар аркылуу стимул берүү менен прогресске жетише алабыз. Бирок бул жерде маанилүү бир маселе бар. Маданий жана экономикалык жаатта жасалган иштер башка тармактарга да сөзсүз таасирин тийгизет. Андыктан алгач экономикалык багыт менен кетүүнү каалаган чакта мындай кадамдар маданий карым-катнаштарга да түрткү болорун эске алуу керек. Мисалы, бул аймакка инвестиция салган түрк компаниясы жергиликтүү ишканалар менен кызматташып, өз тармагындагы түрк адистер келип, маданияттар аралык алаканы арттырышы ыктымал. Менимче, бул маданияттардын жуурулушуусуна олуттуу салым кошот.



**“Түрк мамлекеттер уюмунун иштери көңүл кубантарлык”**

Түрк биримдигине маданий өңүттө да саресеп салган ага окутуучу маектешибиз:

“Биз айтып өткөн жагдайлар боюнча маданий, экономикалык жана айрым саясий кадамдарды жасоо аркылуу Түрк Биримдигинин өнүгүү жолунда кыйла алдыга жылабыз деп ойлойм. Түрк мамлекеттер уюмунун бул багыттагы азыркы аракеттери көңүл кубантарлык. Албетте, өлкөлөрдүн саясий маселелер боюнча кандайдыр бир күмөнү болушу ыктымал. Бирок ар бир кызыкдар тарап сөзсүз түрдө экономикалык жана маданий маселелерде бул максатты колдоого алат. Бирок жасаган кадамдардын ишке ашуусу үчүн убакыт жана күч-аракет талап кылынат. Конъюнктуранын (ред.: бири-бири менен өз ара аракеттенген жана өлкөнүн экономикалык абалына таасир этүүчү бардык элементтер) да бул процесске таасири чоң десем жаңылышпайм. Азыркы конъюнктура, айрыкча, орус-украин согушунун таасири жана Афганистандан чыгарылган АКШ аскерлеринин Кытайга багыт алышы сыяктуу жагдайлар сөз кылып жаткан долбоорлорго колдоо көрсөтүү үчүн жагымдуу шарттарды жарата алат. Башкысы, тийиштүү иштер мүмкүн болушунча аткарылышы керек болгон чакта ишке ашырылышы зарыл. Түрк Биримдиги үчүн потенциалдуу артыкчылыкты эске алганда, керектүү аракеттерди жасап, колдоо көрсөтүү өтө маанилүү.” - деп билдирди.

**“Манас” университетинин мааниси чоң”**

*Түрк дүйнөсүндө түрк студенттерин окутуу жана алардын санын көбөйтүү маселесине кайрылган Мухаммет Кочак:*

- “Мугалим жана студенттерди алмашуу боюнча программаларды колдоону арттырып, ал эми бул багыттагы долбоорлордун санын көбөйтүү керек. Түркиядагы Жогорку билим берүү кеңеши, же болбосо башка тиешелүү мекемелер тарабынан жаралчу окуу программаларынын шайкешсиздиги сыяктуу тоскоолдуктарды жойсок жакшы болот. Түркиядан бул жакка, Казакстанга, Азербайжанга келген, же болбосо, тескерисинче, Түркияга аз убакытка барган жаштар бир гана жыл жашаса да, алар өлкө тууралуу көп нерсени таанып-биле алышат. Анан алардын топтогон тажрыйбасын өлкөсүнө алып баруусу жана түзгөн түрдүү байланыштары соода-сатыкка чоң таасирин тийгизет. Анын сыңарындай, Түркияда билим алган кыргыз, казак, же болбосо өзбек бир студент мамлекетинде жооптуу кызматка дайындалса, салынган инвестициянын акыбети кайтат. Албетте, бул жерде “Манас” университетинин да орду чоң” - деген пикири менен сөзүн жыйынтыктады.

**Мухаммед Кочак тууралуу**

Мухаммед Кочак бакалавр жана магистр даражасын Ихсан Дограмажы Билкент университетинде, ал эми докторлук даражасын 2021-жылы Флорида эл аралык университетинде жактаган.

Кочак негизги эмгектерин түрк-орус мамилелерин изилдөөгө арнаган жана бул боюнча 2022-жылы «Turkey-Russia Relations in the Twenty-First Century Cooperation and Competition Amid Systemic Turbulence» аттуу китебин Lexington Books’ке чыгарган. Ошондой эле ал бир канча китеп жана макаланын автору болгон. Ал мындан тышкары Түркиянын тышкы саясаты, айрыкча Кара деңиз жана Түрк дүйнөсү, ошондой эле Орусиянын Түрк дүйнөсү жана Түрк дүйнөсүнө байланыштуу саясат боюнча изилдөөлөрүн улантууда.

Учурда Анкара Коомдук Илимдер университетинин «Түрк дүйнөсү изилдөө» кафедрасында доктор-окутуучу катары кызматын аркалап жатат.

Гүвен Гөк
Которгон: Эрлан Бектен уулу

**“*Түркияда популярдуулукка ээ болгон жергиликтүү тасмалардын, музыкалык чыгармалардын таралышы маанилүү. Орто Азия элдери түрк сериалдарын кызыгуу менен көрүшөт. Андыктан дал ушундай контентти кеңири жайылтуунун үстүндө иш алып барса болот.***





# Энеден кызга өткөн сыйкырдуу өнөр

***Сайма өнөрү илгертен элибиздин кайгы-кубанычын, арыз-мүдөөсүн, үмүт-тилегин чагылдырган маданиятыбыздын бир бөлүгү. Ал көчмөн калкыбыздын көп кырдуулугун жана сырдуулугун көрсөтүп турат. Дал ушул салттуу өнөрдү унуткартпай, өнүгүшүнө бараандуу салымын кошуп, жандантып, өркүндөтүп келе жаткан сүрөтчү, дизайнер Гүлмира Кутуева учурда жасап жаткан иштери тууралуу гезитибизге маек куруп берди.***

***- Гүлмира айым, учурда саймачылык өнөрүн калкка жайылтууда опол-тоодой иштерди жасап жатыптырсыз. Буга эмне түрткү болду?***

- Адам баласы жарык дүйнөгө келип, ирденип, “апа, ата” деп тили чыгып, буюм-тайымды оозуна салып даамдап билип, алгачкы кадамын шилтегенден баштап эле, каны менен кошо келечекте ким болору алдын-ала маңдайына жазылат турбайбы. Кан менен демекчи, ата-тегибизден бүгүнкү күнгө чейин үзгүлтүксүз чырмашып, кол үзбөй келген бул өнөргө бала кезден баштап аралаштым. Бүгүн өз мөмөсүн берип, ушул өнөрүм аркылуу канчалаган жер көрүп, канчалаган адамдар менен жүз көрүшүп, чай ичишип, жуурулушуп дос болдум. Менимче, бул башаты, түптөлгөн тамыры бекем болгондуктан болсо керек. Ушул күнгө чейин жашап келген өнөрдү унутта калтырбай жандандырып, уучун улап келгениме алтындай болгон жан биргем апам себепкер. “Ааламга жол айылдан” демекчи, айылда төрөлүп-өсүп, ата-эненин тарбиясын алып, мектепти бүтүрүп чоң жолго сапар алганбыз. Салттуу билим, көрсө, ошол мезгилде эле бизге берилип, сиңирчүүсүн сиңирип алууга көп мүмкүнчүлүктөр болгон экен. Жашоо-турмушубуздун өзү, карылардын айткандары, улуулардын жүргөн-тургандары, алардын устачылык, узчулук, ж.б. өнөрлөрү, оозунан чыккан бардык керемет сөздөрү, азыр ойлосом, өзүнчө бир билим сандыгы экен. Ата -энем айылдык мектепте мугалим болуп эмгектенип келишкен. Андан сырткары, апам эл оозуна алынган чебер эле. Курак курап, шырдак шырып, кийим тигип, сайма сайып, үй ичин жасалгалачу. Мектептен келгенден кийин: “сайма сай же болбосо жүн тыт, төшөк шыры”, - деп, сөзсүз бир иш камдап коёр эле. Жанында жүрүп көп нерселерди үйрөндүм. Мүмкүнчүлүгүм, шартым кеңири болду. Жасап, үйрөтүп жаткан иштерин жомок, жамак, табышмак, макал, тамсил, уламыш, баяндар менен коштоп, кызыктырып айтып бергени азыр да көз алдымдан кетпейт. Бала кезимдеги кыял-максаттарыма жетүүгө салым кошкон ата-энеме чексиз, түбөлүк ыраазымын! Канга сиңген нерсе өз чегинен чыкпайт тура. Мектепти бүтүргөн соң атам экөөбүз ошол кездеги Фрунзе шаарына келдик. Мен С.А.Чуйков атындагы 4 жылдык көркөм сүрөт окуу жайына тапшырып өтүп кеттим. Бала кезден сүрөтчү болом деген кыялым орундалып, кубанычым койнума батпай, бактылуу болуп студенттик күндөрүм башталды. Ошол кезде баштаган өнөрүм мына бүгүнкү күндө да өчпөй, тескерисинче жанып, жаңыланып, өз учугун жоготпой келет. Кыргызымдын салттуу билими, өнөрү абдан бай, учу-кыйры жок чексиз экени талашсыз. Бүгүнкү күндө салттуу билимдерди жайылтууда көп иштердин жыйынтыгы кубандырбай койбойт. Дагы деле токтоп калбай, ээрчип келе жаткан жаштарыбызга салттуу билимдерди жайылтып келе беребиз.

***- Таасирленүүнүн аркасында кайталангыс эмгектер жаралат эмеспи. Сиздин эмгектериңиз көбүнчө кандай жаралат?***

- Адам баласы көп нерседен таасирленет. Көбүнчө айлана-чөйрө, жаратылыштын кооздугу таасирлентет. Бутак болобу, таш болобу же курт-кумурска, үйүлгөн чөп, дөң, арык, кум, топурак, асман, булут, тоо, жамгыр, кар, жалбырак, гүл, көпөлөк деги койчу, баары таасир берет. Чыгармачылык тубаса талант. Ага бир аз түрткү берүүчү күч керек. Андан ары сыйкыр өзүнөн-өзү келе берет. Жөн жаткан, керексиз заттардан деле бир нерселерди жасап койсом, бир кооз буюм болуп чыга келет. А буга жанымдагылар суктанып, мен  сыймыктанып калам. Бала кезимде “сыйкырчы болом, сүрөтчү болом” деген ой-максатым өтө күчтүү эле. Мисалга алсам, “Жомоктогудай сыйкырдуу таякчам болсо, бир шилтеп койсом каалаган нерсем орундалса”, - деп абдан кыялданчумун. Кудайым буюруп сүрөткер болдум. Эл аралык деңгээлдеги салттуу билимдердин окутуучусу (тренер) жана дизайнер аталдым. Ойлоп көрсөм, бала кезимдеги кыял-максаттарым, пландарым орундалыптыр. “Жасап жаткан өнөрлөрүм сыйкыр эмей, эмне?” - деп, өзүмө-өзүм суроо берип, жоопту да өзүмө-өзүм кайтарам.

***- Кыргыздын унутта калып бара жаткан саймаларын жер-жерлерден сураштырып, изилдөө жасаган экенсиз. Учурда сайманын канча түрүн чогулттуңуз? Алардын аталыштары жана мааниси тууралуу айтсаңыз?***

- Кыргыздын кол өнөрчүлүгүн даңазалап, өркүндөтүп келген



инсандарыбыз көп. Агай-эжейлерден окуп, билим алдым, үйрөндүм. Изилдөө, иликтөө иштеринин жүрүшүндө көп ата-апалар менен баарлашып, айтып бергендерин жазып, көрсөтүп бергендерин сүрөткө тартып алып жүрдүм. Кыргызга таандык болгон, унутта калган кол саймасын барган жерден сурамжылап, билгендерин сайдырып, кайрадан жандандырдык. Эми бүгүнкү күндө ошол үйрөнгөн кол сайманын 20 дан ашык түрүн жаштарга үйрөтүп жаткан учурум:

1 - *жөрмөмө (Бул сайманын эң оңой түрү, чынжырча түрүндө сайылат)*

2 - *кайып жөрмөмө (Жөрмөмөгө окшош, бирок кайып сайылат. Сайган кезде жалпак түшпөйт, кырдуу болуп сайылат)*

3 - *илме дос (Жазы сайма. Эки жагынан туюк илинип сайылат)*

4 - *бутакча (Жазы сайылат. Эки жагынан ачык сайылат)*

5 - *басма (Оймонун ичи толтурулуп, ар бир жип үстүнөн бастырылып сайылат)*

6 - *көптүрмө (Жип көөп сайылат)*

7 - *жалпак жыш чыраш (Абдан жыш сайылган түрү)*

8 - *кырдуу жыш чыраш (Буюм-тайымдардын кырларына сайылчу түрү)*

9 - *терс кайык (Төмөндөн жогору кеткен түрү)*

10 - *жөрмөмө – секиртме (Жөрмөмөдөй жыш болбойт. Биринчиси илинип, экинчиси илинбей, секирип кеткен түрү)*

11 - *тепчип секиртме (Көктөп бири илинет, экинчиси илинбейт)*

12 - *чычкан изи секиртме (Орустар айткандай “назад иголка”. Ийне менен алдыга эмес, арттан алынып сайылган түрү)*

13 - *кыр тордомо (Буюмдардын кырларын, четтерин тордоп тиккен түрү)*

14 - *жалпак тордомо (Кесилген эки кийизди бириктирип тиккен түрү)*

15 - *ара тиш (Буюмдардын кырларын, четтерин бекиткен түрү)*

Булардын аткарган функциялары да ар түрдүү болот. Ар кандай буюм-тайымдарга ыңгайы келгендей сайылып тигилет. Ушул саймалардын түрлөрүн илгери апаларыбыз, чоң эне -таенелерибиз жууркан, жер төшөк, туш кийиз, ар кандай баштыктарга, көйнөк, баш кийим, сырт кийимдерге сайып, шөкөттөп келишкен.

***- Чоң апаларыбыз жерге салунуучу шырдактын оймосу баш кийимге, же тескерисинче баш кийимдин оймосу жерге салынып тебелендиде калбашы керектигин айтышат. Ушул мисалга утурлай эле улуттук оймо-чиймелерди туура чечмелей билүүдө алардын өзүнчө маанисин жана шаанисин кененирээк айтып берсеңиз?***

- Албетте, бүгүнкү күндө оймонун кайсы жерге кандай салып, шөкөттөп, кооздош керектигин билбей эле сала бергендер дагы аз эмес. Анткени, жетиштүү билим жок. Атайын салттуу билим окууларын уюштурганыбыздын максаты да ушундай кырдаалдан чыгуу болуп саналат. Байыркы ата-тегибиз жасаган буюм-тайымдарды карасак, өзүнчө бир тарыхты басып өткөндөй сезилет. Кылымдар өтсө да ошол буюмдарды жасаган адамдын кол мээрими, ички сезими, кимге арнап жасаган болсо эң жакшы ойлору, каалоо-тилектери камтылганы байкалып, сезилип турат. Бир эле туш кийизди айтып өтөйүн. Бул апалар сайган кандай гана керемет буюм. Анын ичинде эмне деген философия жатат. Үй -бүлөсүнө, уруусуна, элине, жерине арнаган ой-максат, үмүт, тилектер бизге чейин кат катары жеткен. Ар бир туш кийизди оймолору аркылуу окуп чыкса болот. Баш кийим, сырт кийимдердин оймо-чиймелери жерде жаткан шырдакка эч качан салынбайт. Анткени тебеленди болот. Ал эми жердеги буюмдардын өзүнө гана тийиштүү оюмдары бар. Жерге төшөлүүчү буюмдарга көбүнчө жаныбарларга тийиштүү “кочкор мүйүз”, “аркар мүйүз”, “кулжа мүйүз”, “бычак учу”, “жол”, “ийрек”, өсүмдүктөр дүйнөсүнө тийиштүү “үч баш”, “додо гүл” аттуу оймолор көп салынчу. Муну менен ар бир үйдө молчулук, токчулук, байлык, эркиндик болсун деп тилек кылышкан.

***- Социалдык тармактагы баракчаңыздан өөн - калдыктарды таштандыга ыргытып салбастан, аларга кайрадан жан берип, кооздоп,  жаңы буюм жаратып турарыңызды көрдүм. Табиятка өзгөчө көңүл буруп, аяр мамиле кылганыңыз көрүнүп турат.***

- Ооба, 20 жылдан ашык өөндөр менен алектенип, иш жүргүзүп келем. Бул дүйнө да мен үчүн абдан кызыктуу жана табышмактуу. Көп кырдуулугу жагынан ачыла элек дүйнө деп ойлойм. Кайрадан бала кезимдеги учурлардан айтып кетсем, апамдан калган кездеме, өөн -калдыктарды абдан күтчү элем. Апам калган калдыктарын чогултуп берген күн мен үчүн чоң кубаныч жана бакыт болчу. Жыргачумун тим эле. Анткени, ал нерселер мага кадимки эле байлыктай сезилчү. Кудуңдаган бойдон өз бөлмөмө кирип алып, тикпегенди тигип, кездеме кичине болсо, бири-бири менен курап-жамап туруп, колго эле өзүмө чакан көйнөк, жеңи жок же моюнга байлап алчу чакан жоолуктарды тигип алчумун. Курбуларым суктанышып: “бизге деле тигип бербейсиңби?” - деп сурангандары дагы деле эсимде. Өзүмө-өзүм суктанып, мен модельер болом деп да көп айтчу элем. Азыр көчөдө жүрөмбү, дос-туугандын үйүнө барамбы, эски-уску буюм издегеним издеген. Айылга барганымда сарайларды аңтарып-теңтерип, сөзсүз бир нерсе таап, сууруп чыгам. “Өз кызматын өтөп бүткөн буюмдун дагы экинчи жашоого акысы бар” деп чогулткандарымдын баарын алып келип оңдоп-түзөө, мен үчүн ыракат жана чоң бакыт. Кылым карыткан буюм менен сүйлөшүү өзүнчө бир керемет сезим. Алар көп нерседен кабар беришет. Кийин ээлери, өзгөргөн буюмун көрүп алып таң калышат. Эгер, айлана-чөйрөнү таштандыга айлантпай коргоп, сактап алсак, артыбыздагы муундарга таза өлкө, таза мекен өткөрүп берели деген аракетибиз, эмгегибиз жерде калбастыр деп ойлойм. Бул менин, мени менен чогуу иштешкендердин дарыяга кошкон бирден тамчыбыз болот. “Көп түкүрсө көл болот” демекчи, чакан болсо дагы коомубузга жасап жаткан ак эмгегибиз, аракетибиз, миссиябыз менен алдыга жыла бермекчибиз.

***- Колдун учу менен жасалган майда-барат иштер адамдын ден соолугуна пайдалуу экенин окумуштуулар айтып келишет эмеспи. Демек улуттук өнөр көп кырдуулугу жана сырдуулугу менен өзгөчөлөнүп турат экен да?***

- Албетте, кол менен жасалган буюмдар баа жеткис. Алар мээрими менен өзүнө тартып, өз жылуулугун ар бир адамга таратып турат. Өзүнчө бир медитация тартуулап, негативден арылтат. Аруу сезимдерди козгоп, жан дүйнөңдү ырдатат. Мисалга, жүндөн жасалган буюмдардын ден соолукка чоң пайдасы бар. Кийиз баш оорудан арылтат, ички дүйнөңдү бир калыпка салат, сөөк оорулардын көбүнө пайдалуу. Кийизибиз менен сыймыктанышыбыз керек. Улуттук кол өнөрчүлүгүбүз жөнүндө кеп кылсак - айтып бүткүс дастан, жомок, уламыш, баян. Өзүнчө бир сыйкыр дүйнө десем эч жаңылышпайм. Ата-тегибиз да: “Кыргыз төрөлгөндө кийизге төрөлөт, өлгөндө кийизге оролот”, - деп бекеринен айтпаса керек.

Айгерим Токтобекова










# Технологиядагы трендлер: ChatGPT, гуманоид роботтор жана Magic AI

Нуриза Осмонова

***Азыркы тапта адамдарды таң калтыруу дээрлик мүмкүн эместей. 7-10 жыл мурун баскычы жок телефондор кадимкидей жаңылык эле. А азыр адамдар виртуалдуу дүйнөдөн өзүндөй адам менен эмес, робот менен кеңешип иш жасап калган чак. Компьютердик коддон тартып көркөм чыгармаларга чейин түрдүү контентти тез арада жасай алган, бардык сферада маанилүү инструмент болуп саналган жасалма интеллект хай-тек ааламында алдыңкы орунга чыкты.***

"Майкрософт" компаниясынын колдоосу менен чыккан ChatGPT 2022-жылдын аягында ишке кирер замат технология дүйнөсүндө бурулуш жасады. Ал ошондон бери адамдардын кеңешчиси да, куткаруучусу да болуп келүүдө. ChatGPT – OpenAI компаниясы тарабынан даярдалган GPT-3.5 моделиндеги чат-бот. Ал текстти түзүү жана ар кандай темалар боюнча маалымат берүү жөндөмүнө ээ. Мүмкүн болушунча колдонуучунун суроо-талабына дал келген, б.а кудум адам жараткандай түшүнүктүү, кыска, так мазмундагы жоопту берет.

ChatGPTни ар кандай максаттар үчүн колдонушат. Мисалы Орусиянын жараны Станислав өзүнүн тапшырмаларын аткаруу максатында чат-ботко кызыгып, аны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү, пайдаларына токтолуп, алтургай бизнесте, коммуникацияда да колдонсо болорун айта кетти:

"Аталган технология диалогдо, т.а. суроолорго жооп берүү жаатында өзүн жакшы көрсөтө алды. ChatGPTнин өзгөчөлүгү - сиз кандай суроо бербеңиз, бардыгына кенен, так жооп бергенинде. Кызыктуу, күлкүлүү диалог, окуяларды жазып бере алат. Мындан тышкары электрондук каттарды жана ар кандай тиркемелердин кодун жаза алат. IT жана башка кесип ээлеринин жумушун жеңилдеткен, пайдалуу техника десем жаңылышпайм. Келечекте азыркыдан дагы жакшырып, коомдун керегине жарайт деген үмүттөмүн."

Миллиардер Билл Гейтс маектеринин биринде айткандай, соңку он жылда технологиялык сферадагы чоң жетишкендик - жасалма интеллект болду. Өзгөчө окуучулардын тапшырмаларын ChatGPT аткарганга жардам берип, заматта ар кандай презентация, долбоорлорду аткарып берүү менен адамдардын убактысын үнөмдөөдө жакшы натыйжа алып келди. Ошондон бери көпчүлүк жаштар чат-ботко кайрылууда. Алардын бири Ширин. Анын айтымында, сабактарын аткарууда ChatGPT кыйла жардам берет. "Тапшырмаларды аткарганга жетишпей же бир нерсени билбей, түшүнбөй жатканымда ChatGPT'ге кайрылам. Дароо эле жоопторун берет. Мага бардыгынан жакканы - суроо бергенинде абдан түшүнүктүү, жөнөкөй тил менен жооп бергени. Менимче, ал окуучулардын жеке мугалими да болот алат. Түшүнбөй калганыңды мугалимден сураганга дайыма эле шарт боло бербейт. Ошондуктан жакшы жака колдонсок, пайдасы абдан көп."

**Гуманоид роботтор деген эмне?**

Гуманоид роботтор – адамдын анатомиясын жана функцияларын тууроо үчүн иштелип чыккан роботтор. Бул адам кейпиндеги техника келерки жылы пайдалуу боло баштаашы ыктымал. Себеби "Tesla" компаниясынын инженерлери "Optimus" – адам сымал роботтун үстүндө иштеп жатышат. Алар алдыда заводдогу жөнөкөй жумуштарды аткара баштайт деген ишеним бар. 2023-жылдын июль айында Илон Маск аталган робот 2024-жылы биринчилерден болуп "Tesla" заводунда иштей баштарын жарыя кылды.

Гуманоид роботтор жаатында "Tesla" бир катар компаниялар менен атаандашып келет. Дегенибиз, "Amazon" өзүнүн ишканаларында адам сымал роботту сыноодо. "Digit" деп аталган робот адам сыяктуу кыймылдап, буюмдарды кармап, иштете алат. Аны "Agility Robotics" иштеп чыккан. Мындай роботтор 2025-жылдан тарта кардарларга сунушталат. Ал эми Канададагы "Sanctuary AI" ишканасы өзүнүн "Phoenix" аттуу роботун баштыктарды таңгактоо өңдүү конкреттүү тапшырмаларды аткарууга үйрөтүү менен алек. 2024-жылга багытталган планга ылайык, "Phoenix" аткара ала турган милдеттердин түрү дагы кеңейтилет.

**Жасалма интеллект арыктоого жардам бере алабы?**

Арыктоо, формага келүү көйгөйү мезгил, жаш, жыныс факторуна карабастан дайым актуалдуу болуп келет. Чынында арыктоонун эң натыйжалуу жана зыянсыз жолу - спорт залда машыгуу, жеке машыктыруучунун нускамасы менен физикалык көнүгүүлөрдү жасоо болуп саналат. Азыркы учурда технологиянын жардамы, тагыраагы AI (жасалма интеллект) жеке машыктыруучуну алмаштыра алабы?

"Magic AI" компаниясынын башкы директору Варун Бханот: "Мен буга чейин спорт залга барган эмесмин, себеби ал жак мага коркунучтуу сезиле берет. Анын үстүнө абдан кымбат жана ыңгайсыз дагы", - дейт. Бир нече жыл мурун адистер Бханот мырзага арыктоо керектигин, болбосо ден соолугуна байланыштуу көйгөйлөргө туш болорун айтышканда, жеке машыктыруучусунун жардамы менен жашоосун өзгөрткөн. Бирок ал жасалма интеллекттин жардамы менен иштеген фитнес чат-ботунун кеңештери аркылуу адамдар өз үйүндө туруп эле, дени сак жашоону өздөрүнө жеткиликтүү деңгээлде камсыздай аларын билгенде 2021-жылы Magic Ai"ди (Magic жасалма интеллектин) негиздеген.

Анын негизги продуктусу "Magic Mirror" (сенсордук экран күзгүсү) деп аталып, ал адам кейпиндеги AI тренеринин видеосун ойнойт. "Системага кирип жатканда сиз бардык биометрикалык маалыматыңызды киргизесиз. Андан кийин AI адамдын жеке машыктыруучусу сыяктуу жекелештирилген программаны жаратат", - дейт Бханот мырза. Машыгуу учурунда кыймылыңызды көзөмөлдөө үчүн камераларды колдонуп, заматта пикирлерди айтып, кеңештерди сунуштайт. Сиз ийгиликке жеткен сайын ал жаңы машыгууларды иштеп чыгат. Жасалма интеллект менен иштеген фитнес тиркемесин колдонгондордун саны уламдан-улам артып барат. Кээ бирлери адамга караганда компьютер менен өз ара иштешүүдө өздөрүн ыңгайлуу сезерин айтышууда. Бул жөн гана чөнтөктө фитнес-тренердин болушу, албетте, аларга ыңгайлуу болушу мүмкүн.

**"Фитнести жасалма интеллект менен алмаштыруу мүмкүн эмес"**

Бирок AI чындап эле адамдардын өз ара аракетинен келип чыккан мотивацияны кайталай алабы? Пилатес мугалими жана физиотерапевт Эстер Фокс андай деп ойлобойт: "Адамдар өздөрү билген жана ишенген адам менен сүйлөшкүсү келет", - дейт ал. "Ошондуктан AI мен үчүн өтө колдонгум келген каражат эмес." Анын айтымында, натыйжалуу жыйынтыкка жетүү үчүн адамдар менен баарлашуу керек. "Адамдар сени угат, түшүнүшөт, бул баары бир адамдык тажрыйба, ден соолук жана фитнес көп эмоционалдык интеллектти талап кылат, аны жасалма интеллект менен алмаштыруу мүмкүн эмес", - деген пикирде.

**"Фитнестеги жасалма интеллекттин максаты башка"**

Варун Бханоттун пикиринде, мындай идея спорт залдарын алмаштыруу эмес, тескерисинче, алар менен биргеликте кызматташууну көздөйт. "Magic Mirror" деле тамак-аш жеткирүү, ресторан же болбосо "Netflix" сыяктуу. AI ийкемдүүлүктү жана ыңгайлуулукту сүйгөн адамдар үчүн мыкты тандоо. Физиотерапевт Люси Макдональд: "Эгер AI туура программаланган болсо, мен адамдарга көнүгүүлөрүн жакшыртууга жардам бере турган чоң потенциалды көрөм. Бирок AI дайыма эле баарын туура кыла бербеши мүмкүн. Андыктан адамдар машыгуу алдында дагы эксперт менен кеңешиши керек", - дейт. Жогорудагы Брэндон Биндин оюу боюнча, AI менен иштеген фитнес колдонмолору уламдан-улам жакшыра берет. "AI жөнүндө сонун нерсени айта турган болсок - бул анын үйрөнүү жөндөмдүүлүгү. Ооба, азыр бул идеалдуу эмес, бирок убакыттын өтүшү менен анын ылайыктуулугу жакшыра берет".



## 65 жаштагы таксист айым Мөөркан Жажанова:

# "Башында абдан кызыгып, 16-17саат тынымсыз кардарларды ташып жүрдүм"

***Унаа башкарып, жүргүнчү ташыган таксист апанын видеосу TikTok желесинде миллиондон ашуун көрүүчү топтогон. Ал - 65 жаштагы айдоочу Мөөркан Жажанова. Айдоочу айым 1978-жылы айдоочулук күбөлүгүн алып, бүгүнкү күнгө чейин унаа башкарып келет. Жасаган ишинен ыракат алып, чарчоо эмне экенин билбеген Мөөркан апа тууралуу алдыда кеп кылмакчыбыз.***

Жайнагүл Абдурасулова



**"Бул жумушка кокусунан эле келип калгам"**

Азыркы күндө унаа башкарган айымдардын саны арбын болгону менен, жүргүнчүлөрдү ташыган айымды көп учурата бербейбиз. Ошентсе да, калк арасында таксист болуп иштеген айымдар жок эмес. Каарманыбыз бул жумушка кокусунан эле келип калган. "Кошуна-колоң, тууган-уруктарды айткан жерлерине жеткирип жүргөндүктөн, баары унааны жакшы айдаарымдан кабардар эле. Бир күнү дүкөнгө азык-түлүк алып келгени чыгып, жолдон кайнимди жолуктуруп калдым. "Жеңе жүрүңүз, мени менен чогуу иштебейсизби" - деп, алпарып Яндекс такси компаниясына каттоодон өткөрүп койду. Дароо эле жумушка кириштим. Башында абдан кызыгып, 16-17саат тынымсыз кардарларды ташып жүрдүм. Кээде кардар көп болгондо, түшкү тамакты ичпей эле иштей беребиз. Бул кесип мага абдан жагат, машина айдоо мага ыракат тартуулайт. Анын үстүнө, өзүм адамдарга аябай жакын болгондуктан, кардарлар менен бат тил табышып алам. Унаама түшкөн адамдар жашымды сурап, аябай таң калышат. Көбүнчө, жаштар мени менен сүрөткө түшүп кетишет", - дейт Мөөркан апа.

**Жаштын тилегин берет**

Баёо сезимге толгон балалык кез көпчүлүккө көз алдынан кетпеген, балдай таттуу учурду эскертсе керек. Өмүрдүн берген унутулгус белеги болгон бала чагын Мөөркан апа да жылмаюу менен эске салды: "Алтынга алмашкыс балалыгым 9 бир тууганым менен айыл жергесинде өткөн. Биздин үйдө мал жандыктын бардык түрү бар эле. Алар менен чогуу ойноп, жаныбарларга болгон сүйүү калыптанган. 3000 тоогубуз бар болчу. Аларды талаага жайып, жумурткасын уурдатып жибербөө үчүн, өзүмдөн узун таякты кармап, кыпкызыл чапанымды кийип алып тоок кайтарчумун. Таң атпай туруп 15-20 чакырым алыстыкта жайгашкан мектепке барчубуз. Анда азыркыдай машиналар жок, баарыбыз бир автобуска түшүп барат элек. Эгер автобуска жетишпей калсак, 20 чакырымды жөө басып өтүүгө туура келчү. Алыс жолдун азабын тартчубуз. Ага карабай сабактарымды жакшы окудум. Кээде жолдо өтүп бара жаткан унаалар токтоп ала кетчү. Бир жолу чарчап кетип бара жатсак, бир унаа келе жатыптыр. Сүйүнүп кол көтөрсөк, токтобой өтүп кетти. Ошондо муштумумду бекем түйүп, бир кезде мен да машина айдайм, жолоочуларга өзүм токтоп, жетчү жерине жеткирем деп, өзүмө сөз бергем. Жаштын тилегин берет деген анык кеп экен".

**"Жолдошумдун колдоосу шык берет"**

Жар тандоо - ар бир адамдын жашоосундагы олуттуу кадам. Каарманыбыз мектепте чогуу окуган классташы Адылжан Жажанов менен 1979-жылы турмуш жолуна аттанган. Жолдошу УТРКнын мурдагы журналисти, азыркы учурда ардактуу эс алууда. Чогуу түтүн булатып келе жаткандарына быйыл туура 43 жыл болот. Жубайлар ар качан бири-бирин колдоп, бирине-бири жөлөк болуп келишет. Айдоочулук менен алектенип баштаганда жолдошунан колдоо тапкан каарманыбыз өмүрлөшүнө ыраазы экендигин билдирди. Ал: "Жолдошумдун уруксаты менен иштеп жүрөм. Эмне иш кылсам да, мени колдойт, ишенет. Жумуштан келсем, мени күтүп олтурган болот. Анан чогуу отуруп кобурашып, чай ичебиз", - деп кошумчалады.

**Эне – бала гармониясы түзүлсө, үй-бүлө бекем болот**

Баарыбызга өмүр тартуулап, чоң түйшүктү мойнуна артып, жоопкерчилик менен бала тарбиялап, улуттун уңгусун улантып, улуулукту-сулуулукту даңазалаган, үйдүн куту, түндүктүн түркүгү болгон бул – аялзаты. Аны эч ким тана албаса керек. Каарманыбыз 5 баланы тарбиялап чоңойтуп, аларды үйлөнтүп-жайлантып, учурда 16 неберге чоң эне мээримин төгүп келет. Неберелерин жанындай көргөн апа аларга ар дайым "айланайын" деп кайрылат. Анын айтымында, баланы тарбиялоодо эң негизги эреже - жакшы сөздү аябай айтып, сүйүп, мээрим төгүү. "Аял үчүн эң маанилүү нерсе - үй-бүлө. Ал үйдө гармонияны түзүп, эне-бала ортосундагы бекем мамилени куруу керек",-дейт каарманыбыз.

**"Кардардын жылуу сөзү - жумушка болгон кызыгууну арттырат"**

Ар бир кесип ардактуу. Ошентсе да, ар биринин өзүнө жараша түмөн түйшүгү болот эмеспи. Такси кызматынын оорчулугу жана артыкчылыктары тууралуу сураганыбызда, каарманыбыз төмөнкүлөргө токтолду: "Мен үчүн таксист болуп иштөө эч кандай оорчулук деле жаратпайт. Анткени, өзүмдүн сүйүктүү кесибим деп айта алам. Ушунчалык берилип иштеп, күндүн кантип өткөнү дагы байкалбай калат. Бул кардарды жеткирип коёюн, тиги кардарды жеткирип коёюн деп жатып эле, түнкү саат 11-12 болуп кетет. Жүргүнчүлөрдү жөн гана жеткирип койбой, жеткенче алар менен баарлашып барам. Кээ бир кардарларым көйгөйлөрүн айтып беришет, аларды угуп кээде акыл-насааттарымды айтып калам. Ал эми терс өңүтүнө токтолсом, автоунаалар көп болгондуктан, жол тыгыны арбын. Анын үстүнө, кээ бир айдоочулар жол эрежесин сактабайт. Жолдо машиналардын аралыгы көп учурда сакталбагандыктан коопттуу кырдаалдар жаралбай койбойт. Кээде кээ бир кардарлардын орой мамилесине туш болобуз. Андай учурда аларга теңелбей, сылык мамиле жасап коём. Мындай пикир келишпестиктер белгиленген даректин туура эмес экендигинен келип чыгат. Таксисттер навигатордо көрсөтүлгөн жерден алып кетүүсү керек. Бирок кардарлар башка жерде турган болот. Кээ бир кемчиликтерди эске албаганда, баары сонун. Негизи мага эл менен иштеген абдан жагат. Элге кызмат кылууга эмне жетсин. Кардарларымдын рахмат айтып, "арыбаңыз, карыбаңыз, ишиңизге ийгилик" деген сөздөрү ишке болгон кызыгуумду арттырат".



# Серхат Атмажа: “Студенттерибиздин төрттөн бир бөлүгү жатаканаларда жашайт”

***Кыргызстан – Түркия Манас Университетинин (КТМУ) студенттерибиздин төрттөн бир бөлүгү коопсуз жана таза жашоо шарты бар жатаканаларда жашайт.***

Ахмет Хакан
Которгон: Эрлан Бектен уулу

**Чет өлкөлүк студенттер сыртта калбайт**

*Студенттик жатаканаларда упай топтоо системасы колдонулушу жөнүндө Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Студенттик жатаканалар башкармалыгынын башчысынын орун басары Серхат Атмажа мындай дейт:*

“Кыргызстандын алыскы аймактарынан тартып, Бишкекке чейинки бардык жерде жашаган студенттер үчүн аралыкка жараша упай системасы киргизилген. Ага ылайык, балдарга келген жеринин алыстыгына жараша балл берилет. Расмий түрдө университетибиздин студенти болгондор автоматтык түрдө Б жана Ж блок деп аталган жатаканаларыбызга жайгаштырылат. Мына ушундай ыкма аркылуу чет өлкөдөн келген студенттерибиз четте калбайт десек болот. Кийинчерээк даярдоо курсун аяктаган балдар-кыздардын сабактардагы жетишүүсү, баалары, үй-бүлөсүнүн социалдык-экономикалык абалы эске алынып топтогон упайларына ылайык жатаканадан орун берилет”.

**Ректор жатакананы кеңейтүү үчүн тынымсыз аракет кылууда**

*Серхат Атмажанын айтымында “Манас” университетинин жатканалары 3 блоктон турат. А блогу 690, Б блогу 480 жана Ж блогу 270 студентке ылайыкталган. Жалпы 1395 адам батат. 6000ден ашуун жаштар билим алган жогорку окуу жайдын студенттеринин 25 пайызы мына ушул жатаканаларда жашайт.*

“Ооба, балдар арасында студенттер үйүнө суроо-талап күч. Буга байланыштуу университет ректору Алпаслан Жейлан менен дагы бир жатакана куруу боюнча сүйлөшкөнбүз. Демөөрчүлөр да табылган. Бирок, Түркияда орун алган зилзаладан улам, алар жапа чеккен аймактарга жардам көрсөтүүгө артыкчылык берип, курулуш иштери жылып кетти. Азыркы тапта бул маселени чечүү үчүн ректор кызуу иш алып барып жатат”, – деп билдирди Атмажа.

Атмажа кошумчалагандай, университет студент кыздарга өзгөчө мамиле кылып келет. Анын алкагында, демөөрчүлөрдүн жардамы менен Ж блок кыздар жатаканасын дагы 70 студент бата тургандай кылып кеңейтүү, жыгач эшик-терезелерин алмаштыруу жана жаңы керебеттер менен жабдуу каралууда. Учурда аталган жатаканада 225 кыз, ал эми жалпысынан 910 кыз жана 480 бала жашайт. “Манаста” кыздардын саны көп болгондуктан, жатакана жетекчилиги да алар үчүн көбүрөөк орун бөлүп келет.



**“Студенттерге ыңгайлуу жана коопсуз шарт түзөбүз”**

*Студенттик жатаканын артыкчылыктары тууралуу кеп козгогон Серхат Атмажа төмөнкүдөй пикирин айтып өттү:*



“Биздин балдар-кыздар ыңгайлуу, таза жана мыкты жатаканаларда жашайт десем жаңылышпайм. Студенттер менен маектешкенибизде түзүлгөн шарттар аларды канааттандыра турганын баса белгилешет. Тазалык менен коопсуздук биринчи орунда. Жаштар окуу залдарын, эгер каалашса А блоктогу үстөл теннисин жана компьютер залын пайдалана алышат. Андан сырткары, А жана Б блоктогулар колдонгон буфеттер бар. Колубуздан келишинче мыкты шарт түзүп берүүгө дайым аракет кылабыз. Эң башкысы – студенттердин таза жана коопсуз баш калкалоочу жайга деген муктаждыгын канааттандыруу. Мына ушуга умтулабыз. Кызматкерлерибиз балдардын түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө жардам беришет. Жетекчилик катары студенттердеги сапаттар купулубузга толуп келет. Биздеги дагы бир артыкчылык – өзгөчө шарттагы жатакана үчүн айына болгону 1300-1500 гана сом төлөнөт. Ректораттын колдоосу менен ашканадан 80 сомго 4 түрдүү ысык жана жаңы даамдарды татууга болот. Андан башка, студенттердин коомго аралашуусу, бири-бири менен жакындан таанышып, аларга дем-күч берүү максатында түрдүү жолугушуу, мелдеш жана сынактарды уюштуруу пландарыбыз бар”.

*Өз кезегинде жетекчи Атмажа Түркиядан жаңы келе турган студенттерге жатаканада жашоо боюнча кеп-кеңеши менен да бөлүштү:*

-“Өзгөчө статуска ээ мамлекеттик жогорку окуу жай болгон Кыргыз-Түрк “Манас” университетине келе турганы жана Кыргызстан географиясы биздин ата-журтубуз болгону үчүн Түркиядан келе турган жаңы студенттер бул жакта өздөрүн чоочун сезишпейт. Биз ансыз да даярдоо курсуна келген жаштарыбызды жатакана менен камсыз кылып келебиз. Негизги приоритет – ушул. Чет мамлекеттен келгендерди сыртта калтырып коё албайбыз. Алар “каякта жашайбыз?” деп кабатыр болушпасын. Айта кетчү нерсе, “Манаста” билим алып жаткан студенттер атаандаштарынан бир кадам алдыда болушат. Себеби, биздин университет башка жогорку окуу жайларынан чет өлкөдө тажрыйба топтоо, түрдүү маданияттын өкүлдөрү менен бир чөйрөдө билим алуу, алар менен баарлашуу жана эң негизгиси – жаңы тилдерди үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрү менен өзгөчөлөнөт. Бизде, өзүңүздөр билгендей, окутуу кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт. Ал эми орус тилин бул аймакта көпчүлүк билгендиктен жана бизде чет тили катары окутулгандыктан, аны оңой эле өздөштүрүп алса болот. Болгону аракет гана керек. Мындан тышкары, англис жана кытай тилдеринин адабият бөлүмдөрү бар. Бүтүрүүчүлөрүбүз бизнес дүйнөсүнө аралашып, дүйнөнүн булуң-бурчунда эмгектенип келүүдө. Профессордук наам алып, декан, проректор, башкы мүдүр болгондор да жок эмес”.

**“Балдарга сыйлык берүү максатыбыз бар”**

*Студенттик үйлөрдөгү балдар-кыздардын жатакана-сабак-тапшырма багыты менен чектелбей, алардын социалдашуусун камсыз кылуу максатында алдыда шахмат, үстөл тенниси боюнча мелдештер өткөрүлөрүн айткан Атмажа Студенттик кеңеш жана театр клубу менен биргеликте спектакль коюларын билдирди:*

-Ректорат, башкы катчылык жана өз тармагындагы адис эжей-агайларыбызды чакырып, ар кандай талкуу, ийгилик сыры менен бөлүшкөн семинарларды өткөрсөк деп турабыз. Ал эми жаздын келиши менен футбол, волейбол өңдүү спорттук оюндарга басым жасап, жеңүүчүлөрдү шыктандыруу максатында сыйлыктарды тапшыруу пландары түзүлдү.

**Серхат Атмажа тууралуу**

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Студенттик жатаканалар башкармалыгынын башчысынын орун басары болуп эмгектенген Серхат Атмажа 2006-жылы “Манас” университетин аяктаган. Окууну аяктагандан кийин студенттик жатаканада алгачкы кызматына дайындалган Атмажа Эсеп башкармалыгында, Студенттик иштер башкармалыгында жана Кадр башкармалыктарында иштеген.

Кийинчерээк, 2019-жылы академияга которулуп, Кесиптик жогорку мектептин бухгалтердик эсеп программасына окутуучу болуп дайындалып, аны менен катар магистратуранын докторантура программасын бүтүргөн. 2017-жылы докторантураны бүтүргөн Атмажа учурда Кесиптик жогорку мектептин директорунун орун басары жана Студенттик жатаканалар башкармалыгы мүдүрүнүн орун басары кызматын аркалап келет.









# Кыргызстандын сегизинчи облусу - Москвадагы кыргыздар

***Түрдүү кыйынчылыктарга карабай, Орусияга “иштейм, бутка турам” деп сапар тарткандардын саны арбын. Москва шаардык ички иштер башкармалыгынын миграция маселелери боюнча башкармалыгынын башчысы Дмитрий Сергиенко РИА Новости агенттигине берген маалыматында: “Москвада 800 миңге жетпеген чет элдиктер бар, алардын негизги бөлүгү Кыргызстандын жарандары”, - деген. Эмне үчүн көпчүлүк бул өлкөнү тандап, жумушчу күчтүн агымы болууда? Кыргызстандыктар үчүн болгон бир нече артыкчылыктардын себебиненби?***

Канышай Акматалиева

Орусиялык кабар агенттигинин маалыматына ылайык Москвада кыргыздар көбүнчө соода жана тиричилик тейлөө тармагында иштешет. Короо тазалоочу, чабарман, таксист, чач тарач болуп иштегендер да көп. Супермаркеттердеги кассаларда турмушка чыга элек кыргыз кыздар көп кездешет. Алар акча табуу үчүн гана эмес, дүйнөнү көрүү үчүн да келишкен. Белгилей кетсек, кассада иштеген адамдардын 40% кыргыз мигранттары түзөт.

Кыргыздар өз мекенинде калган үй-бүлөсүнө акча табуу үчүн Орусиянын борбору Москвага жана башка ири шаарларга барышат. Өз мекени - Кыргызстанда алар үчүн эч кандай жумуш жок, ал эми Орусияга баруу - чыныгы акча табуунун жолу. Көпчүлүгү ал жерге убактылуу барышат. Бирок, отурукташып, үй-бүлөсүн алып кетип, жарандык алгандар да бар.

УТРК кабарлагандай, Орусиядагы кыргыз мигранттарынын айрымдары иш берүүчүлөр менен эмгек келишимин түзбөгөндүктөн улам, мээнет кылып иштеген жумуш акысынан кол жууп калышууда. Орусиядагы Кыргызстандын элчилиги мекендештерибизге укуктук жактан жардам берип, ала албай жаткан каражаттарын алууга көмөктөшөт. Мисалы, 24.KGнин маалыматына таянсак, Орусиядагы кыргызстандык мигранттарга 32 миллионго жакын айлык акы кайтарылган. КРдин Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Орусиядагы өкүлчүлүгү 2023-жылы 465 эмгек мигрантына эмгек акы алууга көмөк көрсөткөн. Бул тууралуу Эмгек министрлигинин басма сөз кызматы билдирди.

Орусиядагы элчиликтин консулдук бөлүмүндө бир нече багыттар боюнча жумуштар аткарылат. Бул жерге күн сайын жүздөгөн мекендештерибиз келип ар кандай суроолор боюнча кайрылат. Алардын арасында эмгек акысын ала албай жүргөндөр, паспортун жоготкондор жана башка толгон-токой көрүнүштөр бар.

Кыргызстан 2015-жылдын 12-августунда Евразия экономикалык биримдигине кирген. Sputnik.kg Михаил Воробьевдун маалыматына ылайык, ошондон бери кыргызстандык мигранттар Россияда уюмга кирбеген башка өлкөнүн жарандарына салыштырмалуу жумушка орношууда, жашоосунда бир катар жеңилдиктерге ээ болушууда.

**Кыргыз жарандары үчүн кандай өзгөчөлүктөр каралган**

Finexpertiza аудитор-консалтинг тармагынын аналитикалык кызматынын маалыматы боюнча, 2022-жылы Орусияга Өзбекстандан 1,45 миллион ( 41,9 пайыз), Тажикстандан 986,7 миң (28,4 пайыз) жана Кыргызстандан 562 миң (16,2 пайыз) адам жумушка орношуу максатында барган. Бирок, кыргызстандыктарды жумушка алуу шарттары жогоруда айтылган эки өлкөнүн жарандарын ишке алуудан айырмаланат.

КРдин жарандары Орусияда иштөө үчүн эмгек патентин албайт. Демек,



> “
> *Кыргызстандын жарандары жумушка орношууда иш берүүчү Орусиянын эмгек рыногун коргоо боюнча чектөөлөрдү эске албаганга укуктуу. Бул экономиканын айрым тармактарында чет элдик жумушчулардын бекитилген үлүшүнө ылайык жүргүзүлөт.*

аны толтуруу, ал үчүн акча төлөө деген жок. Алар Орусиялыктар сыяктуу эле эмгек келишиминин негизинде иштей алышат. Мындай келишимди түзүү үчүн кыргызстандык мигранттын паспорту жана миграциялык картасы болушу керек. Бирок, айрым мекендештерибиз бул артыкчылыкты туура пайдаланып кете албай кыйынчылыктарга дуушар болушат.

Кыргызстандыктар Орусиянын аймагында 7 күндүн ордуна 30 күнгө чейин каттоосуз жүрө алышат. Эгер, эмгек келишими бар болсо, кошумча документ толтурбай эле ошол келишимдин мөөнөтү бүткөнгө чейин жүрсө болот.

Кыргызстандын жарандары жумушка орношууда иш берүүчү Орусиянын эмгек рыногун коргоо боюнча чектөөлөрдү эске албаганга укуктуу. Бул экономиканын айрым тармактарында чет элдик жумушчулардын бекитилген үлүшүнө ылайык жүргүзүлөт. Мындай шартта КРдин жарандары эмгек мигранттары деп эсептелинбейт жана жалпы эрежелер менен каттоого алынат.

Мындан тышкары, эгерде кыргызстандык жаран миграциялык картасына Орусияга келүүсүнүн максатын «жумушка орношуу» дебей, «туризм» деп көрсөткөн болсо деле аны ишке алууга болот. Жумуш берүүчү ИИМге чет элдиктин ишке орношкону тууралуу кабарласа маалымат базасына жана миграциялык картага өзгөрүүлөр кирет.

Ошондой эле, КРдин жарандары Россияда өзүн-өзү иш менен камсыздоочу катары иштей алышат. Алар жумушка орношкон соң медициналык милдеттүү камсыздандыруу полисин толтурууга жана анын негизинде медициналык кызматтарды акысыз алууга укуктуу. Кыргызстандыктар үчүн киреше салыгы Орусиянын жарандары менен эле бирдей — 13%. КРдин жарандарынын Орусиядагы эмгек тажрыйбасы пенсияны каттоодо жана аны чегерүүдө эсепке алынат.

Бир нече шарттарды туура аткаруу жашоону жеңилдетет

Rumbler.ru медиа порталынын маалыматына ылайык, Орусияда кыргызстандык мигранттарды каттоо тартиби жөнөкөйлөштүрүлгөн.

2023-жылдын октябрь айынын аягынан тарта кыргызстандыктар Орусияда расмий түрдө миграциялык каттоого турууга мүмкүнчүлүк алышты.

Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинен кабарлашкандай, 2023-жылдын ноябрынан тарта Орусиядагы Кыргызстандын жарандары “Жашы жете элек балдарынын убактылуу жашаган жерине келгени жана жашаганы тууралуу” миграциялык каттоо органдарына электрондук түрдө өз алдынча кабарлоого укуктуу болушкан.

Бул үчүн кыргызстандыктардын жана турак жай ээлеринин “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү порталы” тутумунда жеке кабинеттери болушу керек жана “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук формада көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу маалыматтык системалардын, маалыматтык-технологиялык өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуучу инфраструктурада идентификациялоонун жана аутентификациялоонун бирдиктүү системасында” катталууга тийиш.

Маселе 2018-жылы Орусияда чет өлкөлүк жарандарды алар иштеген уюмдардын юридикалык даректери боюнча миграциялык каттоого коюуга тыюу салынганда пайда болгон. Мигрант - КР жарандары РФге киргенден кийин 30 күндүн ичинде каттоодон өтүшү керек - өзүнүн иш жүзүндө жашаган жери боюнча гана каттала алат, бул эмгек келишимин түзүү жана дактилоскопия жана сүрөткө түшүү процедураларынан өтүү менен катар, Россия Федерациясынын аймагында мыйзамдуу болуу шарттарынын бири болуп саналат.

**Кыргызстандык Орусиядагы жашоосуна ыраазыбы?**

Орусиядагы жашоосу тууралуу 2019-жылы Нарын облусунун Дөбөлү айылынан барган 26 жаштагы Рамис Кадырбек уулу Sputnik агенттигине маек берип, Орусиядагы кыргызстандыктардын жашоосу тууралуу айтып берген. -»Аялым дароо жумуш таап, чач тарач болуп иштей баштады. Мен жумуш таппай бир топ кыйналгам. Кийин Москва облусуна барып иштедим. Тапкан акчам батирдин акысына жетчү. Январь айында кайра жумушсуз калып, мартта курулуш тармагына кеттим. Анан эле пандемия башталып, биз иштеген компания жабылып калды», — деди Рамис Кадырбек уулу.

Жубайлар ортодон Москва облусунун Дорохово айылындагы LG Electronics ишканасына кирип иштеген. Ал жакта жатакана бекер болгондуктан акчасын топтоп, кийин кайра Москва шаарына кайтышкан.

«Үч жыл ичинде кандай гана жумушта иштеген жокмун. Таксист, курьер болдум. Азыр курулуш тармагындамын. Жумушум жеңил эле. Кийин келинчегиме Москвада сулуулук салонун ачып берсем дейм. Өзүм болсо Москва облусуна ферма жана чакан эт комбинатын салгым келет. Бул жакта Азиядан келгендер көп болгондуктан, жумуш жетиштүү болот деп ойлойм», — деген Рамис. Ал кызын сагынганы эле болбосо, жашоолору жакшы экенин белгилеген.

Улуттук банктын басма сөз кызматынын билдирүүсүнө караганда сырттан акча которуулардын негизги бөлүгү Орусияга туура келет, тактап айтканда $148,3 млн.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз жарандарынын басымдуу бөлүгү каражат табуу максатында Орусия Федерациясына барышат. Мунун негизги себептеринин бири – өлкөбүздөгү жумуш орундарыны жетишсиздиги. Бүгүнкү күндө Орусияга эле эмес, башка өлкөлөргө да жумушчу күчтүн агымы тынбай жүрүүдө.





## -10 градустагы күнөскана

Каныбек Кыргызстанда алгачкылардан болуп -5 градус температурадагы күнөсканасында помидор жана көчөттөрдү өстүрүп жатат.

Айгерим Акылбекова



## Бишкектеги ооз ачуу

Бишкек шаарынын борбордук мечитинде ооз ачуу уюштурулуп, шам намазынан кийин мечит жамаатына тамак-аш таратылууда.

Нурбек Аширали Уулу



## Кесме

Кыргыздын салттуу камыр тамагы - кесме...

Гулиза Эрмекова


**• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси**

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili. Dr. Baktıgül Kalambekova- Биринчи проректор Докт., Бактыгүл Каламбекова

**• Genel Yayın Yönetmeni**

Prof. Dr. Mehmet Sezai Türk-Проф. Докт., Мехмет Сезаи Түрк

**• Yayın Koordinatörü**

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

**• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу**

Doç. Dr. Erdoğan Akman- Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан
Yrd. Doç. Dr. Gülzada Stanaliyeva – Доц. м.а. докт. Гүлзада Станалиева

**• Editör-редакторлор**

Yrd. Doç. Dr. Topçugül Narmamatova - Доц. м.а. докт. Топчугүл Нарматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

**• Editör Yardımcıları- Редактордун орун басары**

Esenbol Nurbek Uulu- Нурбек уулу Эсенбол

Güven Gök – Гүвен Гөк

Erlan Bekten Uulu- Эрлан Бектен уулу

**• Gazete Tasarımı-дизайн**

Ravşan Abdullayev

**• Muhabirler- корреспонденттер**

Aygerim Toktobekova – Айгерим Токтобекова

İnsan Urakunova – Инсан Уракунова

Sezim Mukanbet kızı – Сезим Муканбет кызы

Zarina Abduvalieva – Зарина Абдувалиева

Cıldız Muratbekova – Жылдыз Муратбекова

Meerim Zamirbekova – Мээрим Замирбекова

Ayzada Urmatbek kızı – Айзада Урматбек кызы

Asılay Toroeva – Асылай Тороева

Aıda Töreşova - Аида Төрешова

Ayzirek Karazakova – Айзирек Каразакова

Ahmet Hakan Kaya – Ахмет Хакан Кая

**• Yazışma Bilgileri**

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164